КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

ТАБИЯТ ТААНУУ – ГЕОГРАФИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

«Каралды»
ОшМПУнун Окуу-усулдук кеңеши
протокол № 3
проректору б.и.к, профессор
К.Т.Раимбеков _____
"29" 04 2022-ж.

«Бекитемин»
ОшМПУнун Окумуштуулар кеңеши
Протоколь № 7
ректор, п.и.д., профессор
Б.Зулуев _____
"4" 07 2022-ж.
Каттоо № _____

550100 «Табигый илимий билим берүү» багытынын

НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

Ош – 2022

Негизги билим берүү программасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан 550100 Табигый илимий билим берүү багыты боюнча жогорку кесиптик мамлекеттик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын эске алуу менен түзүлгөн.

Негизги билим берүү программасы факультеттин жыйынында каралып, "17" 03 2022-ж. № 4 токтому менен бекитилди.

Иштеп чыккандар:

ТТГФ нын деканы: б.и.к., доцент Долонова Г.М.

БХЖП каф.башчысы: х.и.к., проф Бабеков А.У.

ТИ кафедрасынын башычысы: т.и.к., доцент Куйчиев А.С.

ТИ каф.профессору: г.и.д., проф. Топчубаев А.Б.

ТТГФнын окуу ишетири боюнча орун басары окутуучу Илиязов Ж.И.

ТТГФ нын илимий иштери боюнча орун басары улук окут. Сагынбаева Г.А.

Фак.ОУК төрайымы: улук окутуучу Абжапарова А.М.

Ош көп профилдүү колледжинин директору: Молошев З.И.

ОшМУнун жалпы Билим берүү мектебинин директору: Азилбек уулу Истамбек

МАЗМУНУ

1. **ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**
1.1. 550100 Табигый илимий билим берүү багытынын бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун негизги билим берүү программасы (мындан ары НББП).....4
1.2. Терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар.....4
2. КОЛДОНУУ ТАРМАКТАРЫ
2.1. **НББП окуу жайдагы окуу процессин жөнгө салуучу документ **6
2.2. 550100 Табигый илимий билим берүү багыты боюнча адистерди даярдоонун НББПсын колдонуучулар.....6
2.3. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим денгээлине талаптар.....6
2.3.1. Абитруенттердин ЖКББ НББПны өздөштүрүүсүнүн формалары.....6
2.3.2.Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим денгээли жөнүндөгү документтер.....6
3. КЕСИПКЕ ДАЯРДООНУН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ
3.1. Кыргыз Республикасында 550100 "Табигый илимий билим берүү" багытынын адистиктерин даярдоодонун ишке ашырылышы.....7
3.2. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү.....7
3.3. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы окуу жүктөмү.....7
3.4. 550100 Табигый илимий билим берүү багыты боюнча адистерди даярдоонун НББПсынын максаттары **7**
3.4.1. ЖКББПнын НББПнын 550100 Табигый илимий билим берүү багытынын максатына ылайык кадрларды даярдоо жана инсандык тарбиялоо.....7
3.4.2. Табигый илимий билим берүү адистиктеринин бакалавриат баскычындагы бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик мүнөздөмөсү 8
3.5. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердик чөйрөсү.....8
3.6. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердигинин обьектилери.....8
3.7. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү.....8
3.8. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердигинин милдеттери..... .9
4. **НББПны ИШКЕ АШЫРУУНУН ШАРТТАРЫНА ЖАЛПЫ ТАЛАПТАРЫ** 9
5. 550100 ТАБИГЫЙ ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫ БОЮНЧА НББПны ИШКЕ АШЫРУУНУН ТАЛАПТАРЫ
5.1. Табигый илимий билим берүү багыты боюнча программаны өздөштүргөн бүтүрүүчү ээ болуучу компетенциялар.....13
5.2. НББПнын структурасы (бакалавр НББПнын структурасынын талаптары боюнча).....15
5.3. НББПны ишке ашыруу шарттарына карата талаптар
5.3.1. ЖКББ НББПны ишке ашыруунун кадрдык камсыздалышы.....17
5.3.2.Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы.....19
5.3.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы.....19
6. ЖКББ НББПсын ӨЗДӨШТҮРҮҮ САПАТЫН БААЛОО СИСТЕМАСЫНЫН НОРМАТИВДИК-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ
7. ТИРКЕМЕЛЕР
7.1. Окуу планы.....24
7.2. Жумушчу окуу планы.....31
7.3. Компетенциялардын матрицасы 40
7.4. Дисциплиналардын аннотациясы.....68

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. 550100 Табигый илимий билим берүү багытынын бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун негизги билим берүү программасы (мындан ары НББП)

550100 Табигый илимий билим берүү багытындагы биология, химия жана география адистиктери боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Билим берүү жаатында аныктаган башка ченемдик укуктук актыларына ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте бекитилген.

Мамлекеттик билим берүү стандарты бакалавр академиялык даражадагы адистиктерди даярдоо боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык жогорку окуу жайлар үчүн уюштуруучулук-укуктук түрлөрүнө (формаларына) карабастан милдеттүү болуп эсептелет.

1.2.Терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар.

1.2.1. Кыргыз Республикасынын Кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандартында Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына жана Кыргыз Республикасында нормативдик – укуктук актыларында белгиленген тартипте кабыл алынган кесиптик жогорку билим берүү жаатындагы эл аралык документтерге ылайык төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар пайдаланылат:

- **негизги билим берүү программасы (НББП)** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү жараянын ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун чегерүүчү (регламенттөөчү) окуу, усулдук (методикалык) иш кагаздардын топтому (документтердин жыйындысы);
- **даярдоонун багыты** - ар түрдүү профилдеги пайдубалдуу (фундаменталдуу) даярдоонун жалпылыгынын негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү бакалаврларды жана магистрлерди даярдоо үчүн жогорку билим берүү программаларынын жыйындысы;
- **модуль** - окутуунун, тарбиялоонун максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бөлүгү;
- **компетенциясы** - кесиптик ишине тийиштүү тармагындагы жеке сапаттардын, билимдердин, ыктардын жана жүргүзүү үчүн зарыл болгон динамикалуу комбинация;
- **компетенттүүлүк (зиректүүлүк)** - тийиштүү тармакта кесиптик иш жүргүзүү үчүн зарыл болгон жекече сапаттардын, билимдердин, көндүмдөрдүн (ыктардын) жана билгичтиктердин кыймылдуу комбинациясы;
- **багыты** - негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш обьекти;
- **компетенттүүлүк багыт** – билим берүү процессин уюштуруу, мазмунун тандоо, максатын аныктоо, билим берүү технологиясын тандоону жана билим берүү натыйжаларын баалоого, билим берүү натыйжасы катары окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн компетенцияларынын жыйындысы жана компетенцияларды калыптануу деңгээлдери;
- **бакалавр** - академиялык даража, ал 4 жылдан кем эмес окуу мөөнөтү менен билим берүүнүн тийиштүү негизги билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн адамдарга аттестациянын натыйжалары боюнча ыйгарылат жана ага ээ болгондорго белгилүү бир кесиптик иш жүргүзүүгө же тийиштүү багыт боюнча «магистр» академиялык даражасын алуу үчүн окуусун улантууга укук берет;
- **ECTS (Европа Кредит ташуу системасы)-** билим берүү программасын же курсту өздөштүрүүдө студенттердин окуу иштерин эсепке алуунун жалпы европалык шкаласы.

- **кредит (зачеттук бирдик)** – ЖОЖдун толук курсун бүтүрүү үчүн керектелүүчү саат көлөмүнө салыштырмалуу студенттин бир жылдык окуган дисциплиналарынын академиялык жүктөмдөрүнүн сандык бирдиги;
- **профиль** – НББПнын кесиптик ишмердүүлүктүн так обьектине же түрүнө багытталышы;
- **окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасынын модулу боюнча студент ээ болгон компетенциялар;
- **кесиптик ишмердүүлүктүн түрү** – билим берүүгө багытталган системалар, предметер, кубулуштар, процестер;
- **кесиптик ишмердүүлүктүн тармагы – ар түрдүү илимий, социалдык, экономикалык, өндүрүштүк обьекттеринин жыйындысы.**
- **дисциплиналардын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу дисциплиналардын жыйындысы;
- **жалпы компетенттүүлүк** – жалпы ишмердиктерди аткарууда пайда болгон маселелерди чечүүдө колдонулуучу билимдердин жана билгичтиктердин, практикалык тажрыйбалардын негизинде ийгиликтүү аракеттенүү жөндөмдүүлүгү;
- **кесиптик компетенттүүлүк** - кесиптик ишмердикке байланыштуу маселелерди чечүүдө билимдердин жана билгичтиктердин, практикалык тажрыйбалардын негизинде ийгиликтүү аракеттенүү жөндөмдүүлүгү;
- **жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги программасы** - даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун, максаттарын, күтүлүүчү натыйжаларын аныктоочу жана уюштурулушун регламентөөчү окуу-усулдук документтердин жыйындысы;

НББПдагы кыскартуулар:

МББС - Мамлекеттик билим берүү стандарты;

ЖКББП - жогорку кесиптик билим берүү программасы;

НББП - негизги билим берүү программасы;

ЖОЖ -жогорку окуу жайы;

ОМБ - окуу-методикалык бирикме;

НББПДЦ- негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын цикли;

ЖИК - жалпы илимий компетенциялар;

ИК - инструменталдык компетенциялар;

КК- кесиптик компетенциялар;

ККК –кошумча киргизилген компетенциялар;

СЖЖМК- социалдык, жеке жана жалпы маданий компетенциялар;

ОН – окутуунун натыйжалары;

ОТП - окуу-талаа практикасы;

ЖК - ЖОЖдук компонент;

ТК - тандоо курстары;

ББ - базалык бөлүк;

ВБ - вариативдик бөлүк;

ОПК - окутуучу-профессордук курам

ТТК - табият таануунун концепциясы

ОУК - окуу-усулдук кеңеш

ТИББ - табигый илимий билим берүү

ОСМ-окуу сабактарынын мерчеми

ДЦ- дисциплиналардын цикли

2. НББПнын КОЛДОНУУ ТАРМАКТАРЫ

2.1. НББП окуу жайдагы окуу процессин жөнгө салуучу документ

Бакалавр академиялык даражасын берүүнүн **550100 Т**абигый илимий билим берүү багытынын адистиктери үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан мамлекеттик стандартына, билим берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин Уставына ылайык иштелип чыгып, бекитилген.

2.2. 550100 Табигый илимий билим берүү багыты боюнча адистерди даярдоонун НББПсын колдонуучулар

- Окуу жайдын администрациясы жана окуу усулдук бирикмеси (профессордук-окутуучулук курам), программаны иштеп чыгуучу, натыйжалуу ишке ашыруучу жооптуулар;
- Илимдин, техниканын жетишкендиктерин эске алуу менен кесиптик билим берүү программаларын педагогикалык билим берүү жана бул чөйрөдөгү социалдык чөйрө жана кадрларды даярдоо деңгээли;
- НББНны өздөштүрүү иш-чараларын натыйжалуу жүзөгө ашырууга жооптуу студенттерди даярдоо
- тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү адистердин жана жумуш берүүчүлөрдүн бирикмелеринин иш-аракеттер;
- базалык өнүгүүнү камсыз кылган окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын атынан билим берүү программалары,билим берүү тармагы, базалык өнүгүүнү камсыз кылган окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- каржылоону камсыз кылган мамлекеттик аткаруу органдары жогорку кесиптик билим;камсыз кылган ыйгарым укуктуу мамлекеттик аткаруу органдары жогорку кесиптик тутумдагы мыйзамдардын сакталышын контролдоо, мамлекеттик аккредитацияны (күбөлөндүрүүнү) жана контролду жүзөгө ашыруучу субъекттер, жогорку кесиптик билим берүү жаатындагы сапат.

2.3. Абитуриенттердин (талапкерлердин) билим денгээлине, даярдыгына талаптар

2.3.1. НББПга ылайык абитруенттердин билим денгээлине коюлуучу талаптар

Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги программаларын 550100 – Табигый илимий билим берүү боюнча адистиктери боюнча өздөштүрүү формалары: күндүзгү жана сырттан окууга кабыл алуу үчүн жалпы орто билимге же жогорку кесиптик билимге ээ болуусу зарыл;

2.3.2. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим денгээли жөнүндөгү документтер.

Абитуриент окууга тапшыруу үчүн мамлекттик үлгүдөгү төмөндөгү документтердин бирөөсүн алып келүүсү керек:

- Жалпы орто билими тууралуу аттестат (же жогорку кесиптик);
- ЖРТнын сертификаты (110дон жогорку балл менен);

3. КЕСИПКЕ ДАЯРДООНУН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

3.1. Кыргыз Республикасында 550100 “Табигый илимий билим берүү” багытынын адистиктерин даярдоодонун ишке ашырылышы

Бакалаврларды даярдоо үчүн жогорку билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын толук өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү өткөн ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнө "бакалавр" академиялык даражасы ыйгарылган жогорку билим жөнүндө диплом берилет.

3.2.ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү.

550100 Табигый илимий билим берүү багытындагы адистиктерди даярдоодогу өздөштүрүү формалары: күндүзгү жана сырттан окуу. Жогорку кесиптик билим берүүнүн адистиктери боюнча билим берүүнүн негизги программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү:

Күндүзгү окуу формвсы: 4 жылды түзөт.

Сырттан окуу формасы: 5 жылды түзөт.

3.3.ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы окуу жүктөмү

Күндүзгү окуу формасы боюнча негизги билим берүү программасынын пайдаланылган учурда өздөштүрүүнүн нормативдүү мөөнөтү 1 жыл. Биология, химия жана география адистиктерин даярдоодогу НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 240дан кем эмес кредитке (чегерим бирдикке) барабар. Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60 дан кем эмес кредитке (чегерим бирдик) барабар. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30 кредитке (чегерим бирдик) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп түзүлгөн учурда). Студенттин окуу ишинин бир кредити зачеттук бирдиги 30 саатына барабар (анын ичинде анын аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

3.4. 550100 Табигый илимий билим берүү багыты боюнча адистерди даярдоонун НББПсынын максаттары

НББПнын максаттары:

1-максаты. Гуманитардык, социалдык-экономикалык жана математикалык негизги билимдерди берип, тил билген, атаандаштыкка жөндөмдүү, кесиптик компетенциялары калыптанган адистерди даярдоо.

2-максаты. Табигый илимдерди окутууда педагогикалык-психологиялык жана методикалык компетенцияларды калыптандыруу, заманбап окутуу технологияларын колдоно билген адистерди даярдоо.

3-максаты. Биология жана табигый илимдер боюнча заманбап теориялык жана практикалык билимдерди берип, тиешелүү адистик муктаждыктарды камсыз кылуу.

4-максаты. Педагогикалык жана табигый илимдерге таянуу менен илимий изилдөө жүргүзүү жөндөмдөрүн, чыгармачылыкты, анализ жана өз алдынча иштөө компетенцияларын өнүктүрүү.

3.4.1. ЖКББПнын НББПнын 550100 Табигый илимий билим берүү багытынын максатына ылайык кадрларды даярдоо жана инсандык тарбиялоо

Окутуу жаатында, 550100 багыты боюнча ЖКББПнын НББПнын максаты

• Табигый илимий билим берүү багыты бул:

• үзгүлтүксүз кесиптик маселелерди чечүүгө жөндөмдүү мугалимди даярдоо
• тез өзгөрүлүп жаткан дүйнөдөгү компетенттүүлүккө негизделген билим берүү;
• негиздерине окутуу, жогорку кесипкөй адиске ээ болуу
• бүтүрүүчүгө ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берген атайын билим берүү;
• тез өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү кесиптик милдеттер жана өнүгүүнү жүзөгө ашыруу жана социалдык-экономикалык процесстерди өркүндөтүүгө багытталган изилдөө;
• Кыргызстанда жана анын чегиндеги микро жана макро деңгээлдеги кубулуштар болушу керек
• өбөлгө түзгөн универсалдуу жана предметтик мүнөздөгү компетенттүүлүктөр анын социалдык мобилдүүлүгү жана эмгек рыногундагы туруктуулугу.

3.4.2. Табигый илимий билим берүү адистиктеринин бакалавриат баскычындагы бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик мүнөздөмөсү

Инсанды тарбиялап өстүрүүдө 550100 Табигый илимий билим берүү боюнча НББП сынын максаты болуп студенттерде максатка умтулуу, уюштуруучулук, жоопкердүүлүк, жарандык, коммуникативдик, толеранттуулук, сапаттарын калыптандыруу жана үзгүлтүксүз билим алуунун алкагында кесиптикөйлүгүн, жалпы маданиятын өстүрүү, өзүн өзү реализациялоо, өзүн өркүндөтүү ж.б.

3.5. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердик чөйрөсү.

550100 "Табигый илимий билим берүү" программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик тармактарына билим берүү, илимий изилдөө, тарбиялоо жана социалдык иш кирет.

Бүтүрүүчүлөр, эгерде алардын билим деңгээли жана алынган компетенциялары кызматкерлер үчүн квалификациялык талаптарга жооп берсе, кесиптик ишмердүүлүктүн башка тармактарында жана/же тармактарда иштей алышат.

3.6. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердигинин обьектилери.

550100 Табигый илимий билим берүү багытынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндөгү обьектилери: билим берүү (мектеп, лицей, колледж, ЖОЖ), илимий жана изилдөө мекемелери, жаратылыш ресурстарын жана экологиялык системаларды башкаруу тармактары, билим берүү жана илим жаатындагы мамлекеттик жана муниципалдык органдар.

3.7. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү. Бүтүрүүчүлөр үчүн кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрү:

Педагогикалык ишмердүүлүктө:

- Айлана-чөйрөбүз жөнүндөгү илимий билим системаларын колдонуу, ар кандай көз караштарды жана маданий ар түрдүүлүктү кабыл алуу жана туруктуу өнүгүү концепциясын түшүнүү.
- Жаратылыш таануу билим берүү жаатындагы билим берүү процессин заманбап, илимий негизделген окутуу технологияларын колдонуу менен студенттердин муктаждыктарына жана жетишкендиктерине ылайык пландаштыруу жана ишке ашыруу.
- Студенттердин жетишкендиктерин баалоо үчүн ар кандай куралдарды жана критерийлерди (рефераттар, баяндамалар, тезистер, эсселер, портфолиолор, кейс-стадилер ж.б.) колдонуу. Билим берүү программасын өз алдынча тандоо, ага дидактикалык материалдарды тандоо жана иштеп чыгуу, ошондой эле аларды педагогикалык ой жүгүртүүгө негизделген билим берүү процессинде колдонуу.
- Студенттерде демократиялык коомдо жашоо үчүн зарыл болгон баалуулук багыттарын өнүктүрүү: жарандык жана патриоттук ишенимдер, толеранттуулук, маданий ар түрдүүлүк, социалдык укуктар жана инклюзияны кабыл алуу. Көп маданияттуу чөйрөдө иштөө жана көп маданияттуу билим берүү жана тарбиялоо

принциптерин ишке ашыруу. Студенттердин социалдашуусуна жана кесиптик өзүн-өзү аныктоосуна шарттарды түзүү, аларды аң-сезимдүү кесип тандоого даярдоо.

- Ар кандай куралтагы окуучуларда окуу үчүн коопсуз (психологиялык, социалдык жана физикалык) билим берүү чөйрөсүн түзүү, дени сак жашоо образынын көндүмдөрүн өнүктүрүү, айлана-чөйрөнү коргоо, энергияны үнөмдөө, жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу жана климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу.
- Төмөнкү сабактар боюнча сабактарды пландаштыруу: биология, химия жана география, программанын белгилүү бир темаларын жана бөлүмдөрүн эске алуу менен жана стандарттарга ылайык.

Уюштуруп-башкаруу ишмердүүлүктө:

- Кесиптик ишмердүүлүктө ченемдик-укуктук билимдерди колдонуу жана этикалык принциптерди сактоо.
- Кесиптик ишмердүүлүктө туруктуу өнүгүү принциптерин эске алуу, билим берүү процессинде окуучулардын ден соолугун жана коопсуздугун коргоо үчүн шарттарды түзүү.
- Кесиптик ишмердүүлүктөгү көйгөйлөрдү чечүү үчүн коомдук жана билим берүү уюмдары, балдар топтору жана ата-энелер менен өз ара аракеттенүүнү уюштуруу.
- Билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын ортосунда позитивдүү жана конструктивдүү инсандар аралык мамилелерди уюштуруу.

Кесиптик жактан өнүктүрүү ишмердүүлүктө:

- Жаратылыш таануу илимдеринин билим берүү чөйрөсүндөгү (биология, химия, география) билим берүү иш-чараларында педагогикалык жана кесиптик рефлексияларды жүргүзүү.
- Кесиптик рефлексияга негизделген жеке өнүгүү үчүн максаттарды коюу.
- Кесиптик өз алдынча билим алууну жана жеке өсүүнү жүргүзүү,келечектеги билим берүү траекториясын жана кесиптик карьерасын пландаштыруу.

Бүтүрүүчүлөр негизинен даярдалган кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрлөрү алардын билим берүү программасынын мазмунун аныкташы керек, ал университет тарабынан тиешелүү кесиптик стандарттын (эгер бар болсо) негизинде же кызыкдар жумуш берүүчүлөр менен биргеликте иштелип чыккан.

3.8. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердигинин милдеттери

НББП билим берүүнүн максаттарын, окутуунун натыйжаларын, мазмунун, билим берүү процессинин реализациялоо технологияларын жана шарттарын, ушул багыт боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун баалоо сапатын жана төмөнкүлөрдү өз ичине камтуу менен: окуу планын, окуу процессинин графигин, окуу курстарынын жумушчу программаларын, предметтерди, дисциплиналарды (модулдар), студенттерди даярдоо сапатын камсыздаган жана башка материалдарды, андан сырткары окуу календардык графикти жана тиешелүү билим берүү технологиясын реализациялоону камтыган усулдук материалдарды регламенттештирет.

НББП окутуунун мокаксатын жана натыйжаларын, мазмунун, билим берүү процессин ишке ашыруунун шарттарын жана технологияларын, көрсөтүлгөн багыт боюнча бүтүрүүчүнү даярдоо сапатын баалоону жөнгө салат.

4. 550100 ТАБИГЫЙ ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫ БОЮНЧА НББПНЫ ИШКЕ АШЫРУУНУН ШАРТТАРЫНА КАРАТА ЖАЛПЫ ТАЛАПТАР

4.1. ЖОЖдун НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар.

4.1.1. ЖОЖдор даярдоонун багыты боюнча негизги билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча эмгек рыногунун керектөөлөрүн эсепке алуу менен тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгылат.

ЖОЖдор илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен, ЖОЖдо билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөр камтылган сунуштарды кармануу менен жыл сайын НББПын жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгууда;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоонун мониторингинде;
- так макулдашылган өлчөмдөрдүн негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү процедураларын иштеп чыгууда;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууда;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууда, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөдө, анын ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен катар коюп салыштыруу үчүн макулдашылган өлчөмдөр боюнча өзүн өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүү;
- коомчулукту өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары, жаңыланууларысы, мерчемдери, тууралуу маалымдоо.

4.1.2. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын учурдагы жетишкендиктерин, ортолук жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияларын өзүнө камтышы керек. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү алардын жекече жетишкендиктерин тийиштүү НББПнын этаптар боюнча же түпкү талаптарга ылайык келгидей аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын типтүү тапшырмаларын, текшерүү жумуштарын, тесттерди ж.б. камтуучу, билимдерди, билгичтиктерди жана ээ болгон компетенциялардын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү базалары түзүлөт. Баалоочу каражаттардын базаларын ЖОЖ иштеп чыгат жана бекитет.

Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата талаптарды, жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы тууралуу Жобону эсепке алуу менен жогорку окуу жайы аныктайт.

4.1.3. НББПны түзүү мезгилинде, бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн өзү уюштурууну жана системалык-ишмердик мүнөздөгү өз алдынча башкарууну) калыптандыруудагы ЖОЖдун мүмкүнчүлүктөрү аныкталуусу керек. ЖОЖдор инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүп, социо-маданий чөйрөнү калыптандырууга милдеттүү.

ЖОЖ окуу жараянынын социалдык-тарбиялык курамдарын – студенттик өз алдынча башкарууну, студенттердин коомдук уюмдардын иштерине катышуусун, спорттук жана чыгармачылык клубдарды, илимий студенттик коомдорду өнүктүрүүгө көмөктөш болууга милдеттүү.

4.1.4. Жогорку окуу жайынын НББПсы студенттин тандоосу боюнча окуу сабагын ар бир ДЦ вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмүн түзүүсү керек. Студенттин каалоосу боюнча окуу сабактарын түзүүнүн тартибин ЖОЖдун окумуштуулар кеңеши аныктайт.

4.1.5. ЖОЖ студенттерге өзүнүн окуу программаларын түзүүгө катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

4.1.6. ЖОЖ НББПны түзүүдө студенттерди, алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, студенттер тандап алган окуу сабактары алар үчүн милдеттүү болуп эсептелинерин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу жараянында каралгандан кем болбошу керек экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

4.2. НББПны ишке ашыруудагы студенттин укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар.

4.2.1. Студенттер, студенттин тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чектеринде НББПда алдын ала каралган айкын окуу сабактарын тандап алууга укуктуу.

4.2.2. Студент өзүнүн жекече билим алуу жол картасын түзүүдө, окуу сабактарын тандоо боюнча жана алардын келечектеги даярдоо профилине (адистештирүүнүн) тийгизе турган таасири тууралуу ЖОЖдон консультация алуу укугуна ээ.

4.2.3. НББПны өздөштүрүүдө натыйжалуулукка жетишүү максатында СЖЖМКны өнүктүрүү бөлүгүндө студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун иштерине катыша алышат.

4.2.4. Студенттер ЖОЖдун НББПсында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

4.3. Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен, жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир аптадагы аудиториялык сабактардын көлөмүн, ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын өзгөчөлүгүн эске алуу менен, ар бир окуу сабагын окутууга бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35% дык чегинде, мамлекеттик билим берүү стандарты аныктайт.

4.4. Күндүзгү (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан аз болбошу керек.

4.5. Сырттан окуу формасында (дистанттык технологияларды колдонуу менен) окутуучу менен сабак окуу мүмкүнчүлүгү студентке жылына 160 сааттан аз эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

4.6. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзүүсү керек, мунун ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес.

4.7. Бакалавриаттын негизги билим берүү программасындагы “Практика” бөлүмү студентти кесиптик – практикалык жактан даярдоого түздөн – түз багытталган милдеттүү түрдө аткарыла турган окуу сабагынын бир түрү болуп эсептелет.

ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКА

Адаптациялык – педагогикалык практика «Мектеп күнү» катары өткөзүлүп окуу жараянынын графигине сөзсүз киргизилип, сабактардын жүгүртмөсүн түзүүдө эске алынып, үзгүлтүксүз жүргүзүлөт.

Студенттер “Мектеп күнү” убагында окуу жана тарбия процесстери, мектептен жана класстан тышкаркы тарбия иштерин уюштуруу менен таанышат, орто жалпы билим берүү мекемелеринин тарбиялык иштерин жүргүзүү боюнча алгачкы иш жүзүндөгү көндүмдөргө ээ болот. Жыйындарды, рейддерди, майрамдарды, линейкаларды, маектерди, маалыматтарды даярдоо иштерине катышат, класс жетекчиге жана предметтик мугалимге жогоруда аталган иштер боюнча жардам көрсөтөт, класстык сааттарды өткөзөт. Практиканттар адаптациялык-педагогикалык практиканын жыйынтыгы боюнча долбоор жазышат жана жазуу түрүндө отчет тапшыршат. Практиканын жыйынтыгы боюнча дифференцияцияланган баа коюлат.

Кесиптик-базалык педагогикалык практиканы студенттер окуу процессинен бошотулуп, үзгүлтүксүз өтүшөт, окуу жана тарбия иштеринин усулдарын өздөштүрөт, коомдук уюмдардын мазмуну жана иштөө усулдары менен таанышышат, предметтик кабинеттердин иши, кружоктор, предметтик кечелерди, окуу-тарбия жана класстан тышкаркы сабактарды өткөрүүнү үйрөнүшөт, класстын жамааты жана окуучулардын инсандык өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө, талдоого керектүү көндүмдөрдү өздөштүрөт.

Кесиптик – базалык практикадан кийин студенттерден практиканын жыйынтыгы жөнүндө отчеттор жана практиканын жетекчисинин баасы талап кылынат. Натыйжада дифференциалык баа коюлат.

Кесиптик-профилдик педагогикалык практика окуу процессинен бошотулуп, үзгүлтүксүз өтүлөт. Студент-практиканттар ортоңку жана жогорку класстардын мугалими катары практиканы өтүшөт. Кесиптик-профилдик педагогикалык практиканын мазмуну даярдоо профилине дал келүүсү талап кылынат. Практиканын жыйынтыгында студенттер аткарылган иштери боюнча отчет тапшырышат, практиканын жетекчисинин пикири берилет. Практиканын жыйынтыгы менен дифференцияцияланган баа коюлат.

Педагогикалык практикада студенттин илимий изилдөө долбоорун дагы эске алууга болот. Эгер илимий-изилдөө долбоору иштелип чыкса жогорку окуу жайы студентке тандоо мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттүү:

- илимий-педагогикалык адабияттарды жана башка адистешкен маалыматтарды, өзүнө тиешелүү илимий багытта ата мекендик жана чет элдик илим жана билимдин жетишкендиктерин изилдөөгө;
- долбоордук иштерди аткарууга же изилдөөгө катышат;
- илимий, илимий-педагогикалык маалыматтарды (тандалган темасы боюнча) чогултууну, талдоону, системалаштырууну ишке ашырууга;
- тандалган теманын бөлүмдөрү, же тандалган тема боюнча отчет түзүүгө;
- конференцияларда илимий, илимий-популярдык билдирүүлөр менен чыгуу;

Окуу-талаа жана окуу практикасы окуу процессинен бошотулуп, үзгүлтүксүз өтүлөт, 550100 Табигый илимий билим берүү багытынын профилдери боюнча изилдөө усулдары өздөштүрүлөт.

Окуу-талаа практикасы студенттерди изидөөнүн ишинин формасы жана мазмунун менен тааныштырат жана жаратылышты табыгый шартта же тажырыйба аянттарында изилдөөгө үйрөтөт.

- биологиялык, географиялык процесстер жөнүндөгү объективдүү түшүнүктөрдү калыптандырууга жардам берет.
- тажырыйбада чогултулган биологиялык материалды иштетүүнүн жана коллекциялык материалды сактоонун жолдорун студенттерге тааныштырат, экологиялык, биологиялык, генетикалык маселелерди чечүүнүн усулдары жана тажырыйбалык же талаа иштеринин базасында теоретикалык эсептерди чыгаруунун жолдору менен студенттерди тааныштырат.
- студенттерди ар башка типтеги биологиялык жана химиялык лабораторияларда маанилүү опреацияларды ишке ашыруунун техникалары менен тааныштырат.
- биологиялык, географиялык жана химиялык талдоонун жыйынтыктарын чечмелөөгө болгон жөндөм, илимий адабияттар менен иштөөгө болгон жөндөм.

Окуу практикасы- студентерди иштин мазмунун жана формасын, химик изилдөөчүлөрдү химиялык заттардын касиеттерин жана түзүлүштөрүн үйрөтөт.

-айлана чөйрөдө жүрүп жаткан химиялык-физиологиялык жана химиялык-биологиялык процесстер жөнүндөгү объективдүү түшүнүктөрдү калыптандырууга жардам берет.

- студенттерди ар башка типтеги химиялык, географиялык лабораторияларда маанилүү опреацияларды ишке ашыруунун техникалары менен тааныштырат.

Окуу-талаа жана окуу практиканын жыйынтыгы менен дифференцияцияланган баа коюлат.

Квалификацияга чейинки практика окуу процессинен бошотулуп, үзгүлтүксүз өтүлөт жана окуу процессинин графигине киргизилет.

- бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткаруу үчүн маалыматтарды чогултууга, өз алдынча изилдөө ишмердүүлүгүн аткарууга студентти даярдайт;
- буга чейин топтолгон тажырыйбаларын жана кесиптик маселелерди чечүү үчүн идеяларын трансформациялоого мүмкүнчүлүгү;

- өзүнүн ишмердүүлүгүнүн сапатына жоопкерчиликтүү болууга;

- кесиптик ишмердүүлүктө педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонуу жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга;

- адистик дисциплиналарда теоретикалык алган билимдерин практикада колдонууга даярдыгын өнүктүрөт;

Квалификацияга чейинки практиканын базасы болуп билим берүү мекемелери, административдик-башкаруу мекемелери, илимий китепканалар жана архивдер эсептелет. Практиканын жыйынтыгында студент аткарган иштери боюнча отчет жана илимий жетекчисинин пикирин тапшырышат. Практиканын жыйынтыгы менен дифференцияцияланган баа коюлат.

Айкын практиканын түрлөрү ЖОЖдун НББПсы менен аныкталат. Ар бир практиканын максатын жана милдеттерин, программаларын жана отчетторунун формаларын ЖОЖдор аныктайт.

5. 550100 ТАБИГЫЙ ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫ БОЮНЧА НББПны ИШКЕ АШЫРУУНУН ТАЛАПТАРЫ

5.1. Табигый илимий билим берүү багыты боюнча программаны өздөштүргөн бүтүрүүчү ээ болуучу компетенциялар

550100 Табигый илимий билим берүү адистиги боюнча бакалавр даражасынын программасы базалык билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын (21.09.2021ж. №1578/01) 3.4 жана 3.8-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүк милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек. Табигый илимий билим берүү багыты боюнча программаны өздөштүргөн бүтүрүүчү ээ болуучу компетенциялар.

а) Универсалдык компетенциялар

- жалпы илимий (ЖИК);

ЖИК-1. Айлана-чөйрө жөнүндөгү илимий билимдерди сын көз караш менен баалап жана колдоно билүү, жашоонун жана маданияттын баалуулуктарын түшүнө билүү жана активдүү жарандык позицияны ээлөө, адамдарга урмат көрсөтүү жана толеранттуулукту көрсөтүү;

- Инструменталдык (ЖИК):

ИК-1. Жумуш жана окуу жаатында мамлекеттик, расмий жана бир чет тилинде ишкердик байланышты жүргүзө билүү;

ИК-2. Жумуш жана окуу жаатындагы татаал көйгөйлөрдү чечүү үчүн маалымат технологияларын колдонуу менен жаңы билимдерди ала билүү жана колдоно билүү;

ИК-3. Кесиптик иш-аракеттерде ишкердик билимдерди жана көндүмдөрдү колдоно билүү.

- Социалдык, жеке жана жалпы маданий (СЖЖМК):

СЖЖМК-1. Жеке адамдардын же топтордун кесиптик иш-аракеттеринде максаттарга жетүүнү камсыздай билүү.

б) Кесиптик компетенциялар (КК);

- Кесиптик маселелерди чечүү үчүн психологиялык жана педагогикалык компетенцияларды колдонууга даяр жана кесиптик ишмердүүлүктө педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын колдоно алат **(КК-1);**
- Методологиялык маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдер, методдор, технологиялар жана окутуу ыкмалары) жакшы билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдоно алат **(КК-2);**
- Инсанга багытталган билим берүү жана туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү принциптерине ылайык билим берүү процесси үчүн оптималдуу шарттарды түзө алат (дени сак жашоо образы, айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу, энергияны үнөмдөө, маданий ар түрдүүлүк, гендер, инклюзивдүүлүк ж.б.) **(КК-3);**

- Студенттерди социалдаштыруу ыкмаларын, техникаларын, методологиясын жана техникаларын жакшы билет жана студенттердин кесиптик өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарттарды түзө алат **(КК-4);**
- Билим берүү программаларын өз алдынча тандай алат, алар үчүн дидактикалык материалдарды тандап алат жана аларды педагогикалык ой жүгүртүүгө негизделген адаптациядан кийин билим берүү процессинде колдоно алат **(КК-5);**
- программанын темаларынын жана бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык сабактарды пландаштыра алат **(КК-6);**
- кесиптик ой жүгүртүүгө негизделген жеке өнүгүү үчүн максаттарды коё алат **(КК-7);**
- окутуунун интерактивдүү формаларын жана методдорун колдонуу менен педагогикалык иш-аракеттерди жүргүзө алат **(КК-8);**
- студенттер ар кандай багыттар боюнча (акыл-эс, адеп-ахлак ж.б.) өнүгүү деңгээлин аныктай алат жана ошого жараша ар кандай терс таасирлердин (зомбулук, баңгизат жана алкоголдук ичимдиктерди колдонуу ж.б.) алдын алуу боюнча алдын алуу иштерин жүргүзөт **(КК-9);**
- окуучуларда дүйнөнүн табигый-илимий сүрөтүн жана туруктуу өнүгүү принциптерин түшүнүүнү өнүктүрүүгө багытталган биологиялык, географиялык, физикалык, химиялык жана башка табигый илимдер боюнча билимдерди жеткире алат **(КК-10);**
- Биология, география, химия жана физика сабактарында дисциплиналар аралык байланыштарды ишке ашыруу үчүн заманбап табигый жана так илимдердин негиздерин колдоно алат **(КК-11);**
- Органикалык эмес жана органикалык дүйнөнүн өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана экосистемалык мамилени билет **(КК-12);**
- Жердин эволюциясындагы органикалык эмес жана органикалык системалардын ордун, биосферанын, литосферанын, гидросферанын жана атмосферанын биримдигин түшүнөт; экосистемалык мамилени билет жана түшүнөт **(КК-13);**
- Жандуу жаратылыштын туруктуулук принциптерин жана анын антропогендик факторлордун таасири астында өзгөрүшүнүн жолдорун түшүнөт, глобалдык экологиялык көйгөйлөрдү, экологиялык маселелерди, климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашууну, жаратылыш ресурстарын жана энергияны рационалдуу пайдалануну системалуу түрдө талдай алат **(КК-14).**
- Заттын биологиялык, химиялык жана географиялык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн, Жердин эволюциясындагы органикалык эмес жана органикалык системалардын ордун, биосферанын, литосферанын, гидросферанын жана атмосферанын биримдигин; Жердеги химиялык жана биологиялык ар түрдүүлүктүн ролун түшүнө алат **(КК-15);**
- Негизги биологиялык, химиялык, географиялык жана физикалык түшүнүктөрдү жакшы билет, жаратылыш таануунун фундаменталдык мыйзамдарын билет; жана биология, химия, география жана физика тарабынан изилденген кубулуштар жана процесстер жөнүндө билет **(КК-16);**
- Органикалык дүйнөнүн өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана организмдердин биожөнгө салуунун химиялык принциптерин билүү **(КК-17);**
- Адамдар менен жаратылыш чөйрөсүнүн ортосундагы коопсуз, туруктуу өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу үчүн көйгөйлөрдү баалоо жана чечүү көндүмдөрү **(КК-18).**

Профиль боюнча беш пункттан ашпаган кошумча адистештирилген кесиптик компетенциялар ЖКББСнын негизинде университет тарабынан өз алдынча аныкталды. Профилдердин тизмеси ОУК тарабынан бекитилди.

в) Кесиптик кошумча компетенциялар (ЖОЖ тарабынан аныкталган)

Биология профили боюнча кесиптик кошумча компетенциялар (ККК)**;**

- **ККК-1.** Табигый системалардын түзүлүшүн, функциясын жана экологиялык

байланышын түшүнөт.

- **ККК-2.** Биологиялык жана химиялык объектилерди лабораториялык жана талаа изилдөөлөр аркылуу талдай алат.
- **ККК-3.** Организмдердин жана экосистемалардын биохимиялык, физиологиялык процесстерин жана эволюциясын билет.
- **ККК-4.** Химиялык жана физикалык процесстерди түшүнүп, технологиялык жана практикалык колдонмолорду колдоно алат.
- **ККК-5.** Географиялык жана биологиялык маалыматтарды колдонуп, туруктуу өнүгүү жана ресурстарды рационалдуу пайдалануу түшүндүрөт.

Химия профили боюнча кесиптик кошумча компетенциялар (ККК)***;***

- **(1-ККК).** Жер кыртышындагы заттардын химиялык көп кырдуулук ролунун, литосферанын, гидросферанын жана атмосферанын биримдигинин, жердин эволюциясындагы органикалык жана органикалык эмес заттардын түзүлүш ордун, материяны пайда кылуунун химиялык формаларынын өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө жөндөмдүү; адамдын табият чөйрөсү менен үзгүлтүксүз коопсуз мамилесин камсыздоону жана химиялык бирикмелерди максаттуу пайдалануу жөнгө сала алат.
- **(2-ККК)**. Физиканын жана химиянын негизги түшүнүктөрүн, фундаменталдык мыйзамдарын;
  химия жана физикада изилденген кубулуштарды, процесстерди билет.
- **(3-ККК).** Химиялык бирикмелердин жана жөнөкөй заттардын химиялык касиеттери, түзүлүшү, курамы жөнүндөгү билимдерге ээ болот; заттардын химиялык өзгөрүүлөрүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү, молекулалардын жана атомдордун электрондук түзүлүшү жөнүндө түшүнүккө ээ.
- **(4-ККК)**. Заттарды салыштыруунун классикалык жана заманбап ыкмаларын билет, лабораториялык изилдөөлөр үчүн эксперименттерди жүргүзүүгө, аны анализдөөгө, баалоого жөндөмдүү; химиялык өндүрүштөгү технологиялык процесстердин негизги принциптери жөнүндө билет.
- **(5-ККК).**Органикалык дүйнөнүн закон ченемдүү өнүгүүсүн жана организмдерди биологиялык жөнгө салуунун (биорегуляция) химиялык негиздери жөнүндө билет.

География профили боюнча кесиптик кошумча компетенциялар (ККК);

- **(ККК-1).** Азыркы глобалдашуу мезгилиндеги калктын ички жана тышкы миграциялык процесстеринин динамикалык көрсөткүчтөрүнө баа бере алышат.
- **(ККК-2).** Кыргызстандын жаратылыш байлыктарын үйрөнүү, аларды сарамжалдуу колдонууга үйрөнүшөт, аларды коргоонун укуктук негиздерин билишет.
- **(ККК-3).** Жер бетин анын рельефин карта түрүндө түшүрүү менен жер-суу аттарын, жаратылыш аймактарынын өзгөчөлүктөрүн изилдей алат жана билет.

5.2. НББПнын структурасы (бакалавр боюнча НББПнын структурасынын талаптары боюнча)

Таблица 1 - **550100 Табигый илимий билим берүү багыты боюнча бакалаврларды даярдоонун НББПнын структурасы**

Бакалаврды даярдоонун НББПсынын структурасы		Бакалаврды даярдоонун НББПсынын колому жана анын блоктордогу кредиттери
Блок 1	Дисциплиналар	165-210
	I. Гуманитардык, социалдык жана	20-35 санын ОУК

	экономикалык мерчем II. Математикалык жана табигый илимий мерчем III. Кесиптик мерчем	аныктайт 15-20 санын ОУК аныктайт 140-160 санын ОУК аныктайт
Блок 2	Практика	15-25
Блок 2	Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация	10-15
Бакалаврды даярдоонун НББПсынын көлөмү		240

1. НББП ОСМ не кирген айрым сабактар 10 кредитке чейин болот;
2. НББП ОСМ не кирген Б.1, Б.2 жана Б.3 бөлүктөрү жалпы эмгек көлөмүнүн суммасынын 50% дан кем эмес бөлүгүн түзүүсү керек;
3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация бакалаврдын бүтүрүүчү квалификациялык ишин камтыйт. Мамлекеттик аттестациялык сыноолор ЖОЖ дун кароосу менен киргизилет.

ЖОЖ дор бакалаврды даярдоо боюнча өзүнүн НББП сын МББС тын талаптарына ылайык түзөт жана квалификациянын улуттук мерчемине ылайык окутуунун жетишилген жыйынтыктарына жооптуу.

Бакалаврдарды даярдоодогу НББП сынын ар бир блогундагы дисциплиналардын топтомун (модулдар) жана алардын эмгек мерчемин, ЖОЖ өз алдынча квалификациянын улуттук мерчемине жана болкторго бөлүнгөн көлөмгө ылайык, окуучулардын өздөштүрүүсүнүн жыйынтыктарын эске алып аныктайт.

5.2.1. Бакалаврларды даярдоодо НББП төмөндөгү көрсөткүчтөрдү ишке ашырууну камсыз кылуусу керек:

- негизги гуманитардык, социалдык жана экономикалык милдеттүү мерчемдердин катары жана эмгек өлчөмү Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим жаатындагы мамлекеттик орган тарабынан аныкталат. Көрсөтүлгөн мерчемдерди ишке ашыруу курамы жана ирээти бакалавларды даярдоо багыты ЖКББ нун МББС тарабынан аныкталат;
- физикалык маданият жана спорт мерчеми 360 сааттан кем эмес көлөмдө милдеттүү түрдө өздөштүрүлөт, бирок кредитке которулбайт жана бакалаврларды даярдоо боюнча НББП нын көлөмүнө кошулбайт.

5.2.2. 2-блоктогу «Практика» озуно окуу практикасын (таанышуу, окуу-лабораториялык, илимий – изилдөө иштерин) жана өндүрүштүк (проекттик, педагогикалык, илим-изилдөө практикасын) практиканы камтыйт.

Көрсөтүлгөн кредиттин чегинде ЖОЖ практикалардын бир же бир нече түрлөрүн тандоого укуктуу жана кошумча практиканын түрлөрүн киргизе алат.

5.2.4. Бакалаврларды даярдоонун НББП нын алкагында элективдик жана милдеттүү бөлүктөр болот.

Бакалаврларды даярдоонун НББП нын милдеттүү бөлүгүнө кесиптик жана жалпы маданий, социалдык-инсандык, универсалдык компетенцияларды калыптандырууну камсыз кылган мерчемдер жана практикалар кирет, ошондой эле квалификациянын улуттук мерчемин эске алынат.

НББП нын милдеттүү бөлүгүнүн көлөмү, мамлекеттик аттестацияны эске албаганда НББП нын 50% га чейинки көлөмүн түзөт.

Бакалаврларды даярдоонун НББП нын элективдик бөлүгүнөн студенттер өз багыты боюнча мерчемдерди тандап алса болот, ошондой эле башка багыттагы НББП нан мерчем же бакалаврларды даярдоонун НББП нан кошумча адистик тандап алууга мүмкүндүк берилет.

5.2.5. Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар (өз арызы менен) кайрылган учурда ЖОЖ бакалаврларды даярдоонун НББП боюнча алардын психофизикалык өнүгүүсүн, жеке мүмкүнчүлүгүн жана зарыл учурда алардын өнүгүүсүнүн коррекциясын жана социалдык адаптациясын камсыз кылган шарттарды түзүүсү зарыл. Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды бакалаврларды даярдоонун НББП сы боюнча ден соолугуна каршы өрсөтмөлөр жок болсо ган ЖОЖ кабыл ала алат.

5.3. НББПны ишке ашыруу шарттарына карата талаптар

5.3.1. НББПны ишке ашыруунун кадрдык камсыздалышы

Окуу процессинин кадрлары табигый илимий билим берүү багыты боюнча «Бакалавр» академиялык даражасындагы биология, химия, география адистерин окутууну ишке ашыруу үчүн илимий жана педагогикалык жактан кадрларды камсыз кылынышы керек. Эреже катары, окутулган дисциплинанын профилине ылайык келген негизги билимге болгон, илимий жана илимий - методикалык иш-аракеттер менен системалуу түрдө алектенген кадрларга ээ болуу керек. Илимдин кандидаты же доктору даражасы бар мугалимдердин үлүшү ушул негизги билим берүү программасында билим берүү процессин камсыз кылган мугалимдердин жалпы санынын кеминде 40% болууга тийиш.

Кесиптик циклдин окутуучулары магистрдик даражага, кандидатка, илимдин докторуна же тиешелүү кесиптик чөйрөдө тажрыйбага ээ. Илимий даражасы жана илимий наамы бар мугалимдердин жалпы санынын 30,7 % чейин, 10 жылдан ашык жетекчи же жетектөөчү адистердин кызматтарында ушул жаатта практикалык тажрыйбасы бар мугалимдер эмгектенишет. Бакалавр программасынын жетекчилери үзгүлтүксүз изилдөө (чыгармачыл) долбоорлорун жүргүзүп жана илимий (чыгармачыл) долбоорлорго катышып турушат.

Азыркы учурда 550100 Табигый илимий билим берүү багыты боюнча 28 профессордук-окутуучулук жамаат эмгектенет. Алардын ичинен 26 штаттык окутуучулар, 2 сырткы көмөкчү, 2 ички көмөкчү (1 илимдин доктору, профессорлор, 7 илимдин кандидаты, доцент, 10 улук окутуучу, 7 окутуучу, 1 лаборатория башчысы, 2 лаборант).

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктылары-8

Окутуучулардын көпчүлүгүнүн эмгек стажы 20 жылдан жогору.

ОшМПУнун Табият таануу-география факультетинин билим берүү процессиндеги кадр менен камсыз болуусу жөнүндөгү маалымат

№	Окутуучулар-дын аты-жөнү	Кайсы ЖОЖду аяктаган, адистиги жана квалифика-циясы	Илимий даражасы жана илимий наамы	Негизги иш жери	Эмгек стажы	
					Жал пы	Педагоги-калык
1.	Бабеков Анарбай Ураимович	ОшМУ, 1992-ж.	х.и.к., доцент	ОшМПУ, БХжЖП кафедрасынын доценти	30	30
2.	Раимбеков Каныбек Тургунович	ОшМУ, 1994-ж	б.и.д., профессор	ОшМПУ, БХжЖП кафедрасынын доктору	37	37
	Топчубаев Аширбек Бердибекович	ОГПИ, 1990	Г.и.д., профессор	ОшМПУ, ТИ кафедрасынын профессору	39	32
	Куйчиев Асадулло Сулайманович	ОшМУ, 1994	Тех.и.к., доцент	ОшМПУ, ТИ кафедрасынын доценти	28	28
3.	Омуралиева Гулсара Кушатовна	ОГПИ, 1971-ж.	б.и.к., доцент	ОшМПУ, БХжЖП кафедрасынын доценти	56	56
4.	Абсатаров Равшан Рахманалиевич	ОЖК 2001-ж. ОГПИ 2007-ж.	б.и.к., доцент	ОшМПУ, БХжЖП кафедрасынын доценти	20	20
5.	Сапаров Кубаныч Карымшакович	ОшМУ, 1997-ж.	Х.и.к., доцент	ОшМПУ, БХжЖП кафедрасынын көмөкчүсү	26	26
6.	Обдунов Элмурат	ОГПИ, 1993	Г.и.к., доцент	ОшМПУ, Табигый илимдер кафедрасынын көмөкчүсү	30	30

5.3.2. Окуу процессинин окуу-методикалык жана окуу-маалыматтык камсыздалышы

Бакалавр академиялык даражасын даярдоодогу негизги билим берүү программаларын ишке ашыруу ар бир студенттин негизги билим берүү программасынын бардык модулдары боюнча түзүлгөн маалымат базаларына жана китепкана фонддоруна жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга тийиш. Өз алдынча даярдануу учурунда окутуучулар

электрондук окутуу платформаларына жана Интернет тармагына жеткиликтүү болушу керек.

Жогорку окуу жайынын билим берүү программасы (түзүлүүчү зиректигин эсепке алуу менен аныкталган) тажрыйбалык практикум жана лабораториялык сабактар камтылуусу керек. Китепкана фондунун толук жыйнагынан төмөнкү тизмеден бдан кем эмес ата мекендик жана чет элдик журналдарга кирүүсүн камсыздоо зарыл. Компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруу үчүн билим берүү процессинде сабактарды өткөрүүнүн активдүү жана интерактивдүү формаларын кеңири колдонууну, окутуунун инновациялык технологияларын колдонуу (студенттерди долбоордук иш-чараларга киргизүү, дистанциялык колдоо каражаттарын колдонуп, ишкердик, ролдук оюндарды өткөрүү студенттерде универсалдуу жана кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу жана өнүктүрүү максатында билим берүү процесси ж.б.). Маалыматтардын базасынын бирдиктүү терезе аркылуу керектөөчүлөргө жеткиликтүү болуусу.

5.3.3. Окуу-процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы

Бакалаврларды даярдоонун негизги билим берүү программасын ишке ашырып жаткан ЖОЖдо, студенттерди жогорку окуу жайынын окуу планында каралган, лабораториялык, практикалык, илимий-изилдөөчүлүк, сабактык жана сабактар аралык даярдоо иштеринин бардык түрлөрүн ишке ашырууну камсыз кыла ала тургандай жана учурдагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен нормаларга ылайыкталган материалдык-техникалык базасы болуусу керек.

Бакалаврдык программаны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон минималдуу материалдык-техникалык камсыздоонун тизмеси төмөнкүлөрдү ичине камтыйт:

- Мультимедиялык демонстрациялык комплекстер менен жабдылган окуу дарсканаларын;
- Интернетке чыгууга мүмкүндүгү бар компьютердик класстарды;
- Профилдерге ылайык жабдылган атайын кабинеттерди;
- Окуу – усулдук кабинеттерди;
- Спорт залдары жана шаймандары, сабактар үчүн жабдылган атайын дарсканалар (ишке ашырылып жаткан профилдерге ылайык);

Электрондук басмаларды пайдалануу учурунда ЖОЖдор окутулуп жаткан окуу сабактарынын көлөмүнө жараша, окуп жаткандардын ар бирин өз алдынча даярдануу мезгилинде компьютердик класста иштөө орду менен камсыз кылыш керек. Интернет тармагына кошулган компьютердик иштөө орду 25% дан кем болбосу зарыл. ЖОЖ керектүү болгон лицензиялык программалык камсыздоо комплектиси менен камсыз болушу керек.

ОшМПУнун Табият таануу-география факультети 550100 Табигый илимий билим берүү багыты боюнча бакалаврларды даярдоочу негизги билим берүү программасын ишке ашырат. Факультет бардык түрдөгү лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплина аралык изилдөө иштерин аткарууга, студенттердин окуу планына ылайык каралган практикалык иштерди өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берген материалдык - техникалык базага ээ. Бардык жабдуулар жана шарттар учурдагы санитардык, өрт коопсуздугу боюнча эрежелерге жана нормаларга жооп берет. 550100 Табигый илимий билим берүү багыты боюнча жетиштүү материалдык - техникалык камсыздоого ээ. Факультетте лабораториялык сабактар 30 предмет боюнча жүргүзүлөт. 6 аудиторияда лекциялык сабактар өтүлөт. Окуу материалдык база жалпы **1628,45** аянтты түзөт.

Окуу-материалдык базанын маалыматы

№	Лекциялык, лабораториялык, практикалык кааналар, компьютердик зал ж.б.	Саны	Аянты

	Лекциялык кааналар	**6**	**300,34**
1	№ 401-Адамдын анатомиясы жана физиологиясы	1	53,07
2	№ 402 – Жалпы биология	1	75,7
3	№ 405-Генетика жана гистология	1	52,42
4	№ 407-Айыл чарбанын негиздери жана экология	1	50,89
5	№ 409 -Физикалык география жана картография	1	34,28
6	№ 410-Экономикалык-социалдык жана калктын географиясы	1	33,98
	Лабораториялык кааналар	**3**	**101,72**
7	№402 а- Жалпы биология	1	12
8	№ 404-Жалпы химия жана биохимия	1	34,28
9	№309 - Жалпы жана аналитикалык химия	1	55,44
			1000,17
10	Студенттик ашкана	1	314,13
11	Электрондук китепкана	1	152,95
12	Китепкана	1	152,95
13	Студенттик ашкана	1	66,01
14	Спорттук зал	1	314,13
	Практикалык кааналар	4	**226,52**
	№103- Компьютердик каана	1	51,23
	№01- Компьютердик каана	1	49,56
	№06- Компьютердик каана	1	49,56
	№04- Компьютердик каана	1	75,87
	Жалпы		**1628,45**

Окутуунун техникалык каражаттары

№	Наименование	Ед.изм.	Кол-во
		текшерүү, бышыктоо. Химияны окутуунун формаларынын системасы. Сабак - химияны окутуунун негизги формасы, химия сабагы (азыркы жана келечектеги мектептеги химия сабагы), традициялык эмес сабактын түрлөрү, класстан жана сабактан тышкаркы иштерди уюштуруу усулдары, химиялык олимпиаданы уюштуруу, химияны окутуунун каражаттары, мектеп химиясынын материалдык базасын түзүп турган химия кабинети, анын жабдылышы жана башкаларга көңүл бурулат.	
В 3.6	Аналитикалык химия (9 кредит, 270 саат)	Аналитикалык химиянын предмети, милдеттери жана методдору. Массалардын аракеттенишүү закону, анын химиялык анализдеги мааниси. Гомогендик системалар. Массалардын аракеттенишүү закону жана гетерогендик процесстер эригичтүүлүктүн туундусу. Массалардын аракеттенишүү законунун гидролиз жана амфотердүүлүк процесстеринде колдонулушу. Химиялык анализдеги кычкылдануу калыбына- келүү реакцияларынын колдонулушу. Аналитикалык химиядагы комплекс пайда болуу реакциялары, алардын сапаттык анализде колдонулушу. Сандык анализдин теориялык негиздери. Кислота-негиздик титрлөө методдору. Сандык анализдин предмети, методдору. Анализдөөнүн гравиметриялык методдору. Анализдөөнүн титриметриялык методдору. Кислота – негиздик титрлөө методдору (нейтралдаштыруу методдору). Кычкылдануу – калыбына келтирүүчү титрлөө методдору (Редоксиметрия методдору). Чөктүрүүчү титрлөө методдору (Седиметрия). Комплекс пайда кылуучу титрлөө методдору (Комплексонометрия). Анализдөөнүн физикохимиялык методдору жана классификациясы. (Инструменталдык методдор). Анализдин фотометриялык методдору. Поляриметрия. Анализдин электрохимиялык методдору. Кондуктометриялык титрлөө. Вольтамперометриялык методдор.	2-ИК 16-КК 2-ККК 4-ККК
В 3.7	Жаратылыш бирикмелеринин химиясы (6 кредит, 180 саат)	Киришүү. Жаратылыш бирикмелери жөнүндө жалпы түшүнүк. Жаратылышбирикмелерининклассификациясы. Көмүртекжанатиричилик.Жаратылыш бирикмелеринен органикалык таза заттарды бөлүп алуунун методдору. Органикалык бирикмелерди анализдөө. Заттардын түзүлүшүн химиялык методдордун жардамында аныктоо. Заттардын түзүлүшүн спектралдык методдордун жардамында аныктоо (УФ-,ИК-, ЯМР-,ПМР- жана масс-спектроскопия). Жөнөкөй жаратылыш бирикмелери жөнүндө түшүнүк. Гидроксикислоталар, гидроксикислоталардын аталышы жана классификациясы. Оксокислоталар. Аминоспирттер. Изопреноиддер жөнүндө жалпы түшүнүк.Терпендер жана терпеноиддер. Терпендердин классификациясы. Гемитерпендер. Монотерпендер.Монотерпендердин классификациясы. Ациклдик монотерпендер. Ациклдик монотерпендердин типтүүөкүлдөрү.Моноциклдик терпендер. Бициклдик	16-КК 3-КК

		монотерпендер. Сисквитерпендер. Сисквитерпендердин классификациясы. Ациклдүү сесквитерпендер.Моноциклдик сесквитерпендер.Бициклдик сесквитерпендер.Тритерпендер жана стероиддер.Тетратерпеноиддер – Каратиноиддер. Фенолдук бирикмелерге жалпы мүнөздөмө.Фенолдор жана фенолокислоталар.Пирандар.Хинондор. Алкалоиддер жөнүндө түшүнүк жана алардын классификациясы. а) Чыныгы (истинные) алкалоиддер (Пирролидин алкалоиддери). б) Пиперидин алкалоиддери. в) Пиридин алкалоиддери. г) Пирролизидин алкалоиддери. д) Хинолизидин алкалоиддери. е) Хинолин алкалоиддери. ж) Изохинолин алкалоиддери. з) Индол алкалоиддери. и) Пуриндик алкалоиддер. к) Түрдүү гетероциклдик алкалоиддер. л) Полипептиддик алкалоиддер. Протоалкалоиддер. Түрдүү группалардын алкалоиддери. Порфириндер.	
В 3.9	Изилдөөнүн физика - химиялык усулдары (54кредит, 120 саат)	Физика-химиялык изилдөөнүн маниси жана милдеттери. Заттардын физикалык жана химиялык касиеттерин изилдөөнүн негиздери. Аналитикалык жана инструменталдык методдордун классификациясы. Оптикалык усулдар. Спектроскопиянын негиздери (ультрафиолет, инфракызыл, атомдук абсорбция, флуоресценция).Молекулалык жана атомдук спектрлерди талдоо. Электрохимиялык усулдар. Потенциометрия, кондуктометрия, полярография жана вольтамперометрия. Электроддордун түрлөрү жана алардын иштөө принциптери. Хроматографиялык усулдар. Газдык, суюктук жана ион алмашуучу хроматографиянын негиздери. Масс-спектрометрия жана термогравиметрия. Масс-спектрометриянын принциптери жана колдонулушу.Термогравиметриялык анализ (ТГА), дифференциалдык термикалык анализ (ДТА). Физико-химиялык маалыматтарды иштетүү жана интерпретациялоо. Изилдөөлөрдүн тактыгын баалоо. Натыйжаларды математикалык жана графикалык жол менен иштетүү.	2-ИК 16-КК 4-ККК
В 3.10	Химиялык технология (10 кредит, 300 саат)	“**Химиялык технология**” курсу химиялык заттарды, материалдарды жана өнөр жай продукцияларын алуу процессинин теориялык жана практикалык негиздерин үйрөтөт. Дисциплина чийки заттарды даярдоо, технологиялык схемаларды түзүү, реакторлордун иштөө принциптери, массалык жана жылуулук алмашуу, химиялык процесстердин кинетикасы жана оптималдаштырылышы, каталитикалык системалар, бөлүү жана тазалоо ыкмалары, энергия үнөмдөө жана экологиялык талаптар сыяктуу негизги аспектилерди камтыйт. Курс студенттерди химиялык өндүрүштөрдүн иштөө логикасы, технологиялык процесстерди башкаруу жана өнөр жайдагы коопсуздук талаптары менен таанышты рат.	2-ИК 15-КК 4-ККК

В 3.11	Жогорку молекулалуу бирикмелердин химиясы (4 кредит, 120 саат)	“Жогорку молекулалуу бирикмелердин химиясы” – бул чоң молекулалык массага ээ болгон заттардын түзүлүшүн, касиеттерин, алынуу жолдорун жана колдонулуш тармактарын изилдеген химия илиминин бөлүмү. Бул предмет жаратылышта кездешүүчү жана жасалма жол менен алынуучу полимерлерди, алардын түзүлүшүн, реакцияларын жана касиеттерин үйрөтөт. Негизги көңүл мономерлердин полимерге айланышынын механизмдерине (полимеризация жана поликонденсация процесстери), ошондой эле полимерлердин физика-химиялык өзгөчөлүктөрүнө бурулат. Курс төмөнкү негизги темаларды камтыйт: • жогорку молекулалуу бирикмелердин негизги түшүнүктөрү жана классификациясы; • полимерлердин түзүлүшү жана молекулалык массасы; • полимерлерди алуу процесстери жана реакцияларынын түрлөрү; • полимерлердин физика-химиялык касиеттери жана аларды аныктоо ыкмалары; • табигый жана синтетикалык полимерлердин айырмачылыктары жана колдонулушу; • полимердик материалдардын өнөр жайдагы, медицинадагы жана экологиядагы мааниси.	1-ККК
В 3.12	Маселе иштөө практикуму (6 кредит, 180 саат)	Киришүү. Алгачкы химиялык түшүнүктөр. Химиялык формулаларды чыгаруу. Моль. Молдук масса. Химиялык эсептерди чыгаруунун жолдору жана эсептердин түрлөрү. Заттын формуласын табуу. Химиялык формулалар жана теңдемелер боюнча эсептөөлөр. Берилген концентрациядагы эритмелерди даярдоо үчүн эриген заттын жана эриткичтин массаларын эсептөө. Реакцияга кирген жана пайда болгон газдардын көлөмдүк катышын табуу. Заттын молекулалык массасын жана молекулалык формуласын табуу. Заттардын саны боюнча эсептөөлөр. Эквиваленттик массаны аныктоо. Газ закондору. Органикалык эмес бирикмелердин негизги класстары. Эритмелер боюнча эсептөөлөр. Химиялык байланыш. Заттардын түзүлүшү. Электролиттик диссоциация. Кычкылдануу-калыбына келүү реакциялары. Химиялык реакциялардын жүрүү закон ченемдүүлүктөрү. Химиялык реакциялардын ылдамдыгы. Галогендер. Кычкылтек подгруппасы. Азот подгруппасы. Көмүртек подгруппасы. I-III группанын негизги подгруппасынын металлдары. Металлдар. Чектүү углеводороддор. Чексиз углеводороддор. Спирттер жана фенолдор. Альдегиддер жана карбон кислоталары. Татаал эфирлер. Майлар. Углеводдор. Аминдер. Аминокислоталар.	2-ККК 3-ККК

В 3.13	Органикалык эмес синтез (3 кредит, 90 саат)	Органикалык эмес синтез —химиянын органикалык эмес бөлүгүнө тиешелүү болуп, студенттерге химиялык реакциялардын механизмдерин, синтез процессин жана аларды индустриалдык масштабда колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн үйрөтөт. Органикалык эмес химиянын негиздери: Органикалык эмес химиянын жалпы түшүнүктөрү, анын классификациясы, органикалык эмес элементтик жана оксиддик байланыштар. Оксиддер жана алардын синтези: Металл жана металл эмес оксиддерин синтездөө ыкмалары, алардын түзүлүшү, физикалык жана химиялык касиеттери. Металлдарды оксиддеринен алуу: Көмүртек, кокс, метан жана башка редукторлор аркылуу металл оксиддеринен металлдарды алуучу реакциялар жана процесстер. Катализаторлор жана алардын ролу: Химиялык реакцияларда катализаторлорду колдонуу, активдүү сайттарды жана реакциянын жүрүшүн башкаруу. Сульфиддер жана башка металл эмес элементтер: Металл сульфиддери, карбонаттар жана башка химиялык бирикмелерди синтездөө ыкмалары, аларды түзүү жана иштетүү. Химиялык синтез технологиясы: Лабораториядан өндүрүштүк масштабга өтүү процессинин негиздери, өндүрүш шарттарын оптимизациялоо, экологиялык жана коопсуздук талаптары.	3-ККК
В 3.14	Органикалык синтез (3 кредит, 90 саат)	Киришүү. Каныккан көмүртек атомундагы нуклеофилдик орун алмашуу реакциялары. Нуклеофилдик орун алмашуунун механизмине жана ылдамдыгына таасир этүүчү факторлор. мономолекулярдуу жана бимолекулярдуу орун алмашуу механизмдери, алкилгалогениддердин нуклеофилдүү орун алмашуу реакциялары, карбон кислоталардын жана алардын туундуларынын нуклеофилдүү реагенттер менен болгон реакциялары, ароматтык бирикмелердеги орун алмашуу реакциялары. Галогендөө, нитрлөө, сульфирлөө реакциялары. Карбонилдүү бирикмелердин конденсация реакциялары. Альдегиддердин жана кетондордун альдолдук жана кротондук конденсациялары. Татаал эфирлердин конденсация реакциялар. Кычкылдануу – калыбына келүү реациялары.	3-ККК
В 3.15	Геохимия (5 кредит, 150 саат)	**Геохимия** — Жер кыртышында, литосферада, гидросферада, атмосферада жана биосферада химиялык элементтердин таралышын, миграциясын, байыркы жана азыркы геохимиялык процесстердин мыйзамченемдүүлүктөрүн изилдеген илим. Дисциплина студенттерге минералдардын, тоо тектердин химиялык түзүлүшүн жана алардын пайда болуу шарттарын терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Жер системасындагы химиялык элементтердин таралышы, алардын миграциясы жана геохимиялык процесстердин негизи. Геохимиялык анализдерди жүргүзүү, алынган маалыматтарды интерпретациялоо жана табигый ресурстарды изилдөөдө геохимиялык ыкмаларды колдонуу. Геохимиянын негизги түшүнүктөрүн, тарыхын жана өнүгүү этаптарын үйрөтүү. Химиялык элементтердин космостук, геосфералык жана биосфералык таралуу мыйзамченемдүүлүктөрүн түшүндүрүү. Геохимиялык циклдерди (C, N, S, P, H_2O ж.б.) жана алардын глобалдык маанисин талдоо. Магмалык, метаморфикалык жана чөкмө процесстердин геохимиялык механизмдерин	14-КК 1-ККК

		түшүндүрүү. Чөйрө геохимиясынын негиздери жана антропогендик факторлордун таасири боюнча билим берүү. Геохимиялык изилдөөнүн талаа жана лабораториялык ыкмаларын колдонууга үйрөтүү. Геохимиялык маалыматтарды статистикалык жана графикалык түрдө интерпретациялоого үйрөтүү.	
В 3.16	Дары каражаттарынын химиясы (3 кредит, 90 саат)	Дары заттарынын химиялык түзүлүшүн жана алардын фармакологиялык таасирин талдоо. Органикалык жана органикалык эмес дарыларды синтездөө принциптери. Дары каражаттарынын сапатын аныктоонун химиялык жана инструменталдык методдорун өздөштүрүү. Фармакопеялык талаптарды, стандарттарды жана регламенттерди колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу. Аналитикалык химия жана органикалык химия боюнча билимин фармацевтикалык практикада колдонуу эрежелери. Дары каражаттарынын туруктуулугун, ылайыктуулугун жана коопсуздугун баалоо.	15-КК 3-ККК
В 3.17	Агрохимия (4 кредит, 120 саат)	**«Агрохимия» дисциплинасы** айыл чарба өндүрүшүндө топурактын кыртышын, өсүмдүктөрдүн азыктануу өзгөчөлүктөрүн жана минералдык, органикалык жер семирткичтерди натыйжалуу колдонуу принциптерин изилдеген илимий-практикалык окуу предмети болуп саналат. Дисциплина айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатууда жана топурак түшүмдүүлүгүн сактоодо химиялык мыйзамченемдерди практикага багыттап үйрөтөт. Дисциплинаны окутуунун негизги милдеттери төмөнкүлөрдү камтыйт: Агрохимиянын илимий негиздери, топурактын химиялык курамы жана касиеттери менен таанышту. Өсүмдүктөрдүн азыктануу законченемдери, негизги жана микроэлементтердин ролу.Минералдык жана органикалык жер семирткичтердин түрлөрүалардын химиялык касиеттерин жана колдонуу ыкмаларын үйрөнүү. Топуракта жүрүүчү химиялык процесстердин түшүмдүүлүккө тийгизген таасирин анализдөөгө үйрөтүү. Жер семирткичтерди эффективдүү, туура дозада жана экологиялык талаптарга ылайык колдонуу боюнча практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу. Агрохимиялык анализдерди жүргүзүүнүн негизги ыкмаларын өздөштүрүү (топурак, өсүмдүк, суу анализдери). Туруктуу айыл чарба технологияларын өнүктүрүүдө агрохимиянын ордун түшүндүрүү.	15-КК 1-ККК
В. ДВ.1.1.	ТК. Айлана чөйрөнүн химиясы (2 кредит, 60 саат)	Программада бизди курчап турган чөйрөнүн негизги обеьктилеринин түзүлүшү, химиялык составы, аларды булгоочу факторлор жана тазалоонун химизмдери каралган. Атмосферанын булганышы жана аны тазалоонун жолдору, кислоталык жаан, парниктик эффект, микроэлементтердин айлана-чөйрөгө таасири, заттардын жаратылышта айланышы.	1-ЖИК 14-КК 1-ККК
В. ДВ 1.2.	ТК. Кристаллохимия	Кристалл заттардын структурасы, алардын симметриясынын, торчо параметрлеринин, байланыштардын мүнөзү. Кристаллохимиянын негизги түшүнүктөрү, терминдери жана	3-ККК

		классификациясы. Кристаллдык торчолордун типтери, бирдиктүү клетканын параметрлери жана симметрия элементтери. Кристалл структураларын моделдөө, радиус катыштарын, координация санын аныктоо ыкмалары. Химиялык байланыштардын түрлөрүнүн кристалл түзүлүшкө тийгизген таасири. Катуу нерселердин физикалык жана химиялык касиеттерин алардын структуралык өзгөчөлүктөрү менен байланыштыруу. Кристаллохимиялык маалыматтарды кристаллографиялык жана рентгеноструктуралык анализдерди колдонуп чечмелөө.	
В. ДВ.2.1.	Сейрек кездешүүчү элементтердин химиясы (2 кредит, 60 саат)	**“Сейрек кездешүүчү элементтердин химиясы”** курсу лантаниддердин, актиниддердин жана сейрек табылган айрым өткөөл металлдардын атомдук түзүлүшүн, электрондук конфигурацияларын, химиялык касиеттерин жана бирикмелеринин өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө арналган. Дисциплинада сейрек жер элементтеринин табиятта кездешүүсү, комплекс түзүү касиеттери, оксиддеринин, галогениддеринин, органометаллдык жана координациялык бирикмелеринин синтези каралат. Курс студенттерге сейрек элементтердин химиясын терең түшүнүүгө жана аларды практикалык процесстерде колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн баалоого мүмкүндүк берет.	15-КК 1-ККК 3-ККК
В. ДВ.2.2.	Нанохимия (2 кредит, 60 саат)	Нанотехнология жана нанохимиянын фундаменталдык түшүнүктөрү.Нанобөлүкчөлөрдүн алынуу ыкмалары. Наноматериалдардын касиеттерин аныктоочу факторлор. Спектроскопия, микроскопия жана башка аналитикалык методдор. Наноматериалдарды практикалык тармактарда колдонуу мисалдарын талдоо.	2-ККК
В. ДВ.3.1.	ТК. Биоорганикалык химия (3 кредит, 90 саат)	**Биоорганикалык химия** — тирүү организмдерде жүрүүчү химиялык процесстердин молекулалык негиздерин изилдеген дисциплина. Бул предметте биологиялык активдүү органикалык бирикмелердин түзүлүшү, касиеттери, реакцияга жөндөмдүүлүгү жана метаболизмдеги ролу каралат. Биоорганикалык химия студенттерге биомолекулалардын химиялык табиятын түшүнүүгө, организмде жүрүүчү негизги процесстерди молекулалык деңгээлде түшүндүрүүгө жана алардын практикалык колдонулушун билүүгө мүмкүнчүлүк берет.	14-КК 16-КК
В. ДВ.3.2.	ТК. Молекулалардын түзүлүшү жана кванттык химиянын негиздери (5 кредит, 150	Кванттык механиканын негизги постулаттары жана математикалык аппараты. Атомдун кванттык-механикалык модели. Молекулалык орбитальдар теориясы (МО), валенттик байланыш теориясы (VB) жана гибриддешүү түшүнүгү. Молекулалардын геометриясын VSEPR жана кванттык моделдердин негизинде талдоо. Химиялык байланыштын түрлөрү, күчү, энергиясы жана пайда болуш механизми. Молекулалардын электрондук, термодинамикалык жана спектралдык касиеттери.	15-КК 1-ККК 3-ККК

	саат)		
П.1.0.	**Практикалар**		
П.1.1.	Адаптациялык-педагогикалык практика (2 кредит, 60 саат)	Адаптациялык педагогикалык практика болочок химия мугалимиин практикалык даярдыгынын системасынын алгачкы звеносу болуп эсептелет жана ал студенттин педагогикалык ишмердиктин бардык чөйрөсүн ар тараптуу өздөштүрүүгө багытталган. Адаптациялык педагогикалык практиканы өздөштүрүүгө сунушталган убакыт: 60 саат 2 жума Практиканы өткөрүүнүн жайы жана убактысы:	1-ЖИК 1-КК 2-КК 5-КК
П.1.2.	Кесиптик-базалык практика (5 кредит, 150 саат)	Окуучулардын окуу жана тарбиялык ишмердигин билим берүүнүн заманбап технологияларын билүүнүн негизинде уюштуруу; чыгармачылык ойломду, кесиптик ишмердиктин жекече стилин жана ага изилдөөчү ыкманы калыптандыруу; Кесиптик базалык. Кесиптик базалык практиканын максаттары жана милдеттери: Практиканын жүрүшүндө педагогдун көп кырдуу ишмердиги өздөштүрүлөт жана болочок мугалимди практикалык жактан даярдоонун акыркы этабы болуп эсептелет. Аны өтөөгө педагогикалык практиканын мурунку түрлөрүн ийгиликтүү өтөгөн студенттерге гана уруксат берилет	1-ЖИК 1-КК 2-КК 5-КК 8-КК
П.1.3.	Педагогикалык-профилдик практика (5 кредит, 150 саат)	Окуучулардын окуу жана тарбиялык ишмердигин билим берүүнүн заманбап технологияларын билүүнүн негизинде уюштуруу; чыгармачылык ойломду, кесиптик ишмердиктин жекече стилин жана ага изилдөөчү ыкманы калыптандыруу; Кесиптик профилдик. Кесиптик базалык практиканын максаттары жана милдеттери: Практиканын жүрүшүндө педагогдун көп кырдуу ишмердиги өздөштүрүлөт жана болочок мугалимди практикалык жактан даярдоонун акыркы этабы болуп эсептелет. Аны өтөөгө педагогикалык практиканын мурунку түрлөрүн ийгиликтүү өтөгөн студенттерге гана уруксат берилет	1-ЖИК 1-КК 2-КК 5-КК 8-КК
П.1.4.	Квалификациялык иш алдындагы практика (6 кредит, 180	Студенттин практикалык ишмердигинин процессинде педагогикалык билим жана билгичтиктеринин деңгээлинин калыптангандыгы боюнча өзүн-өзү диагностикалоону өткөрүү; • балдарга билим берүүнүн жана аларды тарбиялоонун маселелери боюнча ата-энелер менен кызматташууну ишке ашыруу;	1-ЖИК 5-КК 8-КК

	саат)	• болочок мугалимдердин педагогикалык билгичтиктерин, педагогикалык аң сезимин жана кесиби үчүн маанилүү болгон инсандык сапаттарын өнүктүрүү жана өркүндөтүү. Квалификациялык иш алдындагы практика окуу планынын графигине ылайык бардык студенттер милдеттүү түрдө өткөрүшөт. Квалификациялык иш алдындагы практика квалификациялык иштин максатын жана практикалык материалдардын анализин көзөмөлдөйт. Практиканын кандай жүрүшүнө жараша бүтүрүүчү квалификациялык иштин сапаты аныкталат. Квалификациялык иш алдындагы практиканын материалдарынын негизги бөлүгү квалификациялык иштин экинчи бөлүмүнө таандык. Башкача айтканда тажрыйба жүргүзүүнүн жана эксперименталдык иштердин жыйынтыгы калыптанат. Ошондуктан бүтүрүүчү кафедра студенттерди практикалык окууну өткөрүү үчүн дипломдук иштин проблемаларын чечүүгө жакын болгон белгилүү сферадагы мекемелерге жөнөтөт. Окуу жайдын макулдугу менен түзүлгөн окуу планында көрсөтүлгөн диплом алдындагы практиканын өткөрүү мөөнөтүнүн узактыгы жөнүндө алдын ала тааныштырып, студенттерге тапшырмалар берилет. Практиканын өтүлүшүн квалификациялык иштин илимий жетекчиси көзөмөлдөйт. Ал практиканын максатын, милдеттерин аныктап, анын аткарылышын үйрөтөт. Практика өтүлүүчү жерде студенттин аткарган иштерин ошол мекемедеги жетекчи көзөмөлдөйт. Практиканттын китепчесинде диплом алдындагы практикага чыгуучу студенттер үчүн көрсөтмөлөр, документтердин үлгүлөрү, күндөлүк аткарган иштеринин жыйынтыгы жана изилдеген иштеринин отчету киргизилген.	
П.1.5.	Окуу-талаа практика (2 кредит, 60 саат)	Окуу - талаа практикасы болочок мугалимдин жалпы кесиптик жана кесиптик компетенцияларын калыптандырууга багытталган. Милдеттери: Окуу талаа практикасы студенттерге жаратылыштын табигый шарттарында же окуу-тажрыйба аянттарында изилденүүчү иштин мазмуну жана формалары менен тааныштырат; студенттерге биологиялык жана географиялык процесстерди обьективдүү элестетүүсүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет; студенттерди практикалык эксперименталдык иштинердин негизинде теориялык эсептөөлөрдү текшерүү жана экологиялык, биологиялык, генетикалык милдеттерди чечүүчү усулдарын колдонуу аркылуу жыйналган коллекциялык материалдар менен тааныштырат; илимий адабияттарды издөөнүн жана талдоонун биологиялык, химиялык, географиялык көндүмдөрү калыптанат.	1-ЖИК 1-ККК 2-ККК

География адистиги боюнча НББПнын дисциплиналарынын компетенттүүлүктөрүнүн дал келүүчүлүк матрицасы

Б.3. 9.	Табигый илимий билим берүүнүн окутуунун усулу (12 кредит, 360 саат)	Географияны окутуу методикасынын предмети жана милдеттери. Мектепте география илим жана билим булагы катары. География боюнча негизги жана орто (толук) билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты. Мектептин географиясынын окуу программасынын мазмунунун жана структурасынын негизги принциптери. Мектептерде географияны окутуунун методикалык системасы, анын негизги компоненттеринин жалпы мүнөздөмөсүДифференцияланган географияны окутуу. География курсун окуу контекстинде мектеп окуучуларынын индивидуалдык өзгөчөлүктөрү жана жөндөмдөрү. Студенттердин билимин жана көндүмдөрүн көзөмөлдөө жана баалоо. География боюнча класстан жана класстан тышкаркы иштер. Географияны окутуу үчүн ресурстар. Мектептерде географияны окутуунун принциптери, методдору, уюштуруу формалары жана ыкмалары. Географияны окутуунун жаңы технологиялары. Заманбап география сабагы, байкоолор, талаадагы практикалык иштер, экскурсиялар. Тарбиялык жана тарбиялык иш-чараларды пландаштыруу. Класстан тышкаркы иштер. Материктердин жана океандардын географиясын окутуунун методикасы. Курстун билим берүү, өнүктүрүү жана өнүктүрүү максаттары жана милдеттери. Материктер жана океандар географиясы курсунун түзүлүшү, мазмуну жана негизги түшүнүктөрү. Окуу процессинин өзгөчөлүктөрү, курсту окутуунун каражаттары, ыкмалары. Экономикалык жана социалдык географиянын концептуалдык жана терминологиялык системасы, билгичтиктери жана жөндөмдөрү. КМШ географиясы. КМШнын экономикалык жана социалдык географиясы» курсунун максаты жана окутуу методикасы. Экологиялык жана экономикалык. Географиядан факультативдер. Тандоо сабактарынын орду жана ролу. Танянын мектеп географиялык билимин кайра куруусу азыркы этапка чыкты. Мектеп үчүн географиянын факультативдик курстарынын милдеттери жана мазмуну 110. Тандоо курстарында окуу-тарбия иштерин уюштуруу, пландары, формалары жана методдору. Географиянын факультативдеринде кесипке багыт берүү мүмкүнчүлүктөрү жана аларды ишке ашыруу жолдору.	ЖИК-1 КК-2 КК-6 КК-8
Б.3.10.	Жалпы жер таануу (4 кредит, 120 саат)	Жалпы геоилим Жер жана аалам. Күн системасы жана анын ичиндеги Жердин орду. Жер кыртышы жана ички түзүлүшү. Жердин геохронологиялык тарыхы. Жердин келип чыгышы. Жер кыртышынын эволюциясы. Географиялык конверт түшүнүгү, анын түзүлүшү жана динамикасы. Жаратылыштын	ИК-2 КК-10 КК-13 КК-15

		жана коомдун өз ара аракети. Атмосфера. Курамы жана түзүлүшү. Атмосфералык циркуляция. Аба массалары жана фронттор. Жердин климаты. Климаттык зоналар. Гидросфера. Суунун курамы жана келип чыгышы. Дүйнөлүк океан жана анын бөлүгү. Жер суулары. Литосфера – литосферанын чек аралары. Тоо кыркалары. Рельеф түзүүчү факторлор. Тектоникалык кыймылдар. Геологиялык процесстер. Жердин рельефи. Биосфера. Биосфера, составы жана структурасы жөнүндө түшүнүктөр. Вернадскийдин биосфера теориясы. Тирүү организмдердин эволюциясы. Геохронология. Жердин өнүгүү этаптары.	
В.3.2.	Геология палеонтологияны н негиздери менен (5 кредит, 150 саат)	Геологиялык илимдердин сериясы. Жердин кабыгынын түзүлүшү, Жердин ички бөлүгүн изилдөө ыкмалары. Жер кыртышы. Кристаллдык зат. Симметриянын элементтери. Сингониялар, кристаллографиялык формалар. Минералдар: химиялык курамы, түзүлүшү, диагностикалык касиеттери, морфологиясы жана классификациясы. Геодинамикалык процесстер. Магма, магматизм Магмалык тектер. Постмагматикалык процесстер. Аба ырайынын кескин өзгөрүшү. Эфемердик агын суулардын, дарыялардын, жер астындагы суулардын, мөңгүлөрдүн, шамалдын жана деңиздин геологиялык активдүүлүгү. Чөкмө тектер жана алардын классификациясы. Метаморфизм: этаптар. Зоналар жана фациялар. Метаморфтук тектер. Жер кыртышынын түрлөрү жана алардын пайда болуу көйгөйлөрү. Жердин жашы. Геологиялык окуялардын мезгилдүүлүгү, геохронологиялык масштаб. Палеонтология жана анын ыкмалары. Фациялар жана фацияларды талдоо. Казылып алынган калдыктарды индекстөө. Геотектоника. Тектоникалык кыймылдар. Литосферанын негизги структуралык бирдиктери. Океан түбүнүн геотектоникалык түзүлүшү. Кыймылдуу (геосинклиналдык) тилкелер жана алардын өнүгүү этаптары. Континенталдык платформалар: экинчилик орогендер.Күн системасынын жана Жер планетасынын келип чыгышы. Геологиялык тарыхтын негизги этаптары: литосферанын, атмосферанын жана гидросферанын эволюциясы. Органикалык дүйнө.Жердин геологиялык тарыхы, геохронология. Негизги этаптар.	ИК-2 КК-13 КК-15
В.3.3.	Геоморфология (4 кредит, 120 саат)	Геоморфологиянын негиздери менен курсу студенттердин Жердин структуралык түзүлүшү, Жердин жана жер кыртышынын заттык составын жана жер бетинин рельефин калыптандыруучу геологиялык процесстер, Жердин геологиялык өсүп - өнүгүү тарыхы, жердеги тиричиликтин эволюциясы, Жердин, жалпы эле Ааламдын пайда болушу жөнүндөгү илимий, диалектикалык - материалисттик дүйнө таанымынын калыптануусуна өбөлгө түзөт.	ИК-2 КК-10 КК-12 КК-13

В.3.4.	Климатология метеорологияны н негиздери менен (4 кредит, 120 саат)	Бул курс аба-ырайынын жана климаттын негизги көрүнүштөрүн, алардын пайда болушун жана өзгөрүүлөрүн изилдейт. Курс төмөнкүлөрдү камтыйт: Климатологиянын негизги түшүнүктөрү жана климаттык зоналар Абанын физикалык элементтери: температура, нымдуулук, басым, шамал Жамгыр, кар, булуттуулук жана башка метеорологиялык көрүнүштөр, Климаттык жана аба-ырайы маалыматын өлчөө ыкмалары (метеостанциялар, приборлор) Климаттын өзгөрүшү жана глобалдык экологиялык проблемалар Климаты тууралуу маалыматтарды талдоо жана практикалык колдонуу	ИК-2 КК-12 КК-14
В.3.7.	Гидрология (4 кредит, 120 саат)	*Дисциплинаны кыскача мазмуну:* Жер шарындагы гидрологиялык процесстердин мыйзам ченемдүүлүктөрүн, суу объектилеринин (мөңгүлөрдүн, жер алдындагы суулардын, дарыялардын, көлдөрдүн, суу сактагычтардын, саздардын, океандардын, деңиздердин) гидрологиялык өзгөчөлүктөрүн аларды сарамжалдуу пайдаланууну жана коргоону үйрөнүшөт.	ИК-2 КК-10 КК-14 КК-12
В.3.10.	Ландшафт таануу (6 кредит, 180 саат)	Ландшафт таануу – бул табигый жана табигый-антропогендик аймактык бирдиктер жана геосистемалар жөнүндөгү илим. Ландшафт таануунун географиялык илимдер системасындагы орду. Ландшафт таануунун заманбап консолидациядагы геосистемалар Табигый аймактык комплекстер, геосистемалардын түзүлүшү, иштеши жана динамикасы, табигый жана табигый-антропогендик ландшафттар. Колдонмо ландшафт таануу, ландшафт моделдөө.	ИК-2 КК-10 КК-12 КК-13
В.3.5.	Картография, топографиянын негиздери менен (5 кредит, 150 саат)	Илим катары колдонулушу жана карталарды түзүү. Картографиянын заманбап коомдогу мааниси. Картографиянын география жана башка жер жана коомдук илимдер менен байланышы: математика, геодезия, инженерия жана автоматташтыруу, аэрокосмостук методдор жана геоинформатика. Картографиянын көркөм өнөр жана дизайн менен байланышы. Картография технология тармагы жана өнөр жай тармагы катары. Картографиянын илим жана өнөр жай катары өнүгүү тарыхы. Географиялык картография түшүнүгү. Математикалык картографиялык сүрөттөр, жалпылоо, карталардын түрлөрү жана түрлөрү. Карталардын негиздери, ыкмалары, техникалары жана карталарды колдонуу ыкмалары.	ИК-2 КК-10 КК-15
В.3.8.	Калктын географиясы демографиянын негиздери менен (54кредит, 120 саат)	Калктын географиясы – дүйнө жана аймактар боюнча калктын саны, жайгашуусу, кыймылы жана мүнөздөрүн изилдейт. Демографиянын негиздери: Калктын саны, туулуш жана өлүм көрсөткүчтөрү, табигый өсүш, миграция, жаштык жана жыныстык түзүлүш. Калктын динамикасы: туулуш, өлүм, миграция аркылуу өзгөрүшү. Калктын региондук жана глобалдык бөлүштүрүлүшү. Статистика, картография, анализ жана моделдөө, калктын түзүлүшүн, өсүшүн жана аймактык жайгашуусун түшүнүү, экономикалык жана социалдык пландаштыруу.	КК-10 КК-18 ККК-1

В.3.14	КРнын физикалык географиясы (8 кредит, 240 саат)	«Кыргызстандын физикалык географиясы» курсу окуу дисциплинасы – бул табигий илимий билим берүү адистиктери милдеттүү дисциплина болуп, Кыргызстандын жаратылышынын өсүп – өнүгүү процесстеринин мейкиндик боюнча таралышынын жана убакыт боюнча өзгөрүүлөрүнүн закон ченемдүүлүктөрүн үйрөтө турган табигый илимдердин тармагы. О.э жаратылыштын курамындагы компоненттердин ар биринин өсүп - өнүгүү закон ченемдүүлүктөрүн жана алардын бардыгы баш ийген жалпы закондорду билбей туруп, адам баласынын жасаган чарбалык аракеттери, өзгөчө ири масштабдагы жаратылыш процесстеринин жүрүшүнө киришкен аракеттер, терс натыйжаларга алып келери, дүйнөлүк тажрыйбада көрсөтүлүүдө жана көрсөтүп жатат.	КК-10 КК-13 ККК-2
В.3.15	КРнын экономикалык-социалдык географиясы (8 кредит 240 саат)	Кыргызстандын социалдык-экономикалык географиясы. Кыргызстандын экономикалык социалдык географиясынын методологиялык негиздери. Изилдөөнүн предмети жана фундаменталдык түшүнүктөр. Кыргызстандын экономикалык жана социалдык географиянын калыптанышы жана өнүгүү этаптары. Регионалдык жана тармактык мамилелер. Экономикалык изилдөөлөрдүн заманбап багыттары: географиялык жана социалдык-географиялык, рекреациялык, экологиялык-саясий-географиялык, башкаруучулук ж.б. Улуттук экономикалык комплекс жана өндүргүч күчтөрдү уюштуруунун аймактык секторунун, улуттук экономиканын, Кыргызстандын экономикалык аймактарынын өзгөчөлүктөрү. Рыноктук мамилелерге өтүүгө байланыштуу темалар.	КК-18 ККК-2
В.3.11	Материктердин жана океандардын физикалык географиясы (10 кредит, 360 саат)	Материктер жана океандар географиялык кабыктын, алкактын жана зоналардын бир бөлүгү катары. Кургактыктагы географиялык алкактарга мүнөздөмө. Кургактыктагы ландшафттык географиялык зоналдуулугунун планетардык зоналдуулугу. Адамзаттын колдоонуусунун натыйжасындагы жаратылыштык ландшафттык өзгөрүүсү жана адамдын жаратылыш ресурстарын пайдаланууусу. Негизги территориалдык жаратылыш ресурстарынын пайдаланууусунун жана антропогендик модификациясынын формалары. Географиялык чөйрөнү сактоонун глобалдык проблемалары. Жаратылышты үнөмдүү (рационалдуу) пайдалануунун негизги принциптери. Физико-географиялык райондоштуруунун негизги принциптери. Морфоструктура, геоструктура жөнүндөгү	КК-12 КК-13

		түшүнүктөр. Геоструктуралык болунуунун таксондорунун токсономиялык бирдикке физико-географиялык райондоштурууга (субконтинентке, өлкө, областка) болгон катышы. Физико-географиялык райондоштуруудагы зоналдык жана азоналдык катарлар жана алардын катышындагы проблемалар. Жер шарындыгы кургактыкты райондоштуруунун схемасы. Материктин географиялык абалынын өлчөмү жана спецификасы. Континенттин ландшафттык өзгөчөлүктөрү, секторлуулуктун пайда болушу. Зоналдык-алкактык ландшафттын структурасына орографиянын жана атмосферанын борбордук кыймылынын таасир этүүсү.	
В.3.12	Дүйнөнүн экономикалык-социалдык географиясы (10 кредит, 300 саат)	"Дүйнөнүн экономикалык, социалдык географиясы" предметинин кыскача мазмуну Киришүү. "Дүйнөнүн экономикалык, социалдык географиясы" дисциплинасы педогогикалык, психологиялык жана социалдык-экономикалык билим берүү багытында окуп жатышкан студенттердин кесиптик жактан калыптанышында өзгөчө орду бар. Ааламдашуу жараянынын шартында ар тараптан билимдүү болууга, тактап айтканда, Калктын географиясы, География, Дүйнөнүн айыл чарбасынын географиясы Педогогика, Физикалык география, Картография, Экология, Климатология, Экономика, Статистика, Социология ж.б. илимдин тармактары боюнча учурда зарыл болгон маалыматтарга ээ кылуу менен, ал билимди студенттерге жеткирип, тарбия берүүнү үйрөтөт.	КК-10 КК-18 ККК-1
В.3.17	Этногеография жана диндердин географиясы (4 кредит, 120 саат)	Этногеография жана диндердин географиясы Этностук түшүнүк. Этностук түшүнүктөр. Дүйнө элдери жана алардын Жер бетиндеги таралышы. Дүйнөлүк цивилизациялар жана заманбап этностор. Этностордун эволюциясына формациялык жана цивилизациялык мамилелер. Этностук жана географиялык чөйрө. Табигый детерминизм жана табигый нигилизм. Этностуктун мүнөздөмөлөрү. Расалык белгилер жана расанын пайда болуу теориялары. Расалык белгилер пайда болуудагы табигый чөйрөнүн ролу. Маданият: Этностуктун объективдүү пайдубалы: көрүнүштөрдүн ар түрдүүлүгү. Этностук маалыматты жазууда, сактоодо жана берүүдөгү тилдин ролу. Маалыматтын биримдиги. Тилдин этноинтеграциялоочу жана этнодифференциациялоочу функциялары. Тилдик үй-бүлөлөр жана топтор. Дүйнө элдеринин тили жана жазуусу, жазуу системалары. Азыркы дүйнөнүн диндери. Дүйнөлүк диндер жана алардын географиясы. Дүйнө калкынын диний курамы. Дин жана этникалык иденттүүлүк.	КК-13 КК-18 ККК-1
Б.3.11	Айлана чөйрөнү коргоо (5 кредит, 150 саат)	Айлана-чөйрөнү коргоонун жалпы түшүнүгү. Табигый ресурстар жана алардын классификациясы. Жандуу жана жансыз табият ресурстары. Жаңылануучу жана жаңыланбаган ресурстар. Экологиялык	КК-13 КК-18 ККК-1

		көйгөйлөр. Глобалдык экологиялык проблемалар. Регионалдык жана жергиликтүү экологиялык көйгөйлөр. Айлана-чөйрөнү коргоонун укуктук негиздери. Экологиялык мониторинг жана контролдоо. Мониторингдин түрлөрү (аба, суу, топурак). Тургун жайларда жана өндүрүштө экология. Табиятты коргоонун практикалык чаралары. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары. Экологиялык маданият жана экологиялык тарбия	
Б.3.16	Рекреациялык география (2 кредит, 60 саат).	**Рекреациялык география**Рекреациялык геодезиянын предмети, ыкмалары жана милдеттери. Рекреациялык географиянын негизги түшүнүктөрү жана терминдери; социалдык-экономикалык маңызы жана негизги эс алуулары. Рекреациялык ишмердиктин структурасынын классификациясы. Туризмдин түрлөрү. Рекреациялык зоналардын негизги түрлөрү жана функционалдык рекреациялык тармактарды өнүктүрүүнүн жалпы тенденциялары. Эс алуу ресурстары. Эс алуу үчүн табигый шарттар. Кыргызстандын рекреациялык ресурстары жана аларды пайдалануу. Эс алуу зоналары жана зоналары.	КК-12 КК-13 КК-18
Б.3.13	Биогеография (5 кредит, 150 саат	**Биогеография-** Биогеографиянын предмети жана милдеттери. Диапазон түшүнүгү. Диапазондун типологиясы. Алардын чегинин динамикасы, структурасы жана түр боюнча таралышы. Космополиттер, палеонемикалык эместер, реликттер, автохтондор жана иммигранттар. «Флора» жана «фауна» түшүнүктөрү. Идентификациялоонун принциптери. Жерди флористтик райондоштуруу. Материктик жана аралдык аймактардын флорасы жана фаунасы. Флористикалык жана фаунисттик падышалыктардын мүнөздөмөлөрү. Негизги структуралык көрсөткүчтөр. Өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын популяциясы. Өсүмдүктөрдүн зоналдык, зоналдык жана интразоналдык түрлөрү. Негизги жер бетиндеги биомалардын биогеографиялык мүнөздөмөлөрү. Биогеография жана флора жана фаунаны реконструкциялоо.	ИК-2 КК-10 КК-12
Б.3.9	Топурактардын географиясы,топурак таануунун негизи менен (4 кредит, 120 саат)	Топурактардын географиясы – дүйнөнүн ар кайсы аймактарындагы топурактардын таралышын, алардын типтерин, түзүлүү шарттарын жана аймактык мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдейт. Топурак таануунун негиздери – топурактын түзүлүшү, курамы, касиеттери, пайда болуу процесстери (топурак түзүү факторлору) жана топурак типтерин классификациялоо менен алектенет топурактын морфологиясы, химиялык-минералдык курамы, механикалык түзүлүшү, түзүлүү процесси, типтери, географиялык таралышы жана адамдын чарбалык иш-аракетинин топуракка тийгизген таасири.	ИК-2 КК-10 КК-13

Б.3.3.	Адистикке киришүү (2 кредит, 60 саат)	Дисциплинанын кыскача мазмуну. Географиялык идеялардын калыптануу тарыхы. География Жер тутумундагы илим. Географиянын табигый - коомдук маңызы. Географиялык илимдин өнүгүшүндөгү учурундагы тенденциялар. Айлана-чөйрөнү окутуу. Геосистемалар жөнүндө окуу. Конструктивдүү география жөнүндөгү окуу. Геоэкология жөнүндөгү окуу. Географиялык илимдин салттуу жана жаңы ыкмалары. Географиялык божомолдор. Жалпы географиянын объектиси, предмети жана методдору. Физикалык география Жердин табияты жөнүндөгү илим катары. Географиялык кабык. Географиялык кабыктын өнүгүү этаптары, анын компоненттери жана ал жөнүндө түшүнүктөр. Аймактык комплекстер, ландшафттар. Табигый бүтүндүктүн түшүнүктөрүн түзүүнүн тарыхый обзору. Ландшафттык кабык, аймактык комплекс, ландшафт жөнүндөгү окуулар.	ЖИК-1 ИК-2 КК-10
Б.3.6.	Адамзаттын глобалдык проблемалары (5 кредит, 150 саат)	Адамзаттын глобалдуу проблемалары Болочок мугалимдерде азыркы замандагы глобалдык проблемалардын пайда болуу себептеринин маңызын, теориясын, адамзаттын мындан аркы жашоосун улантуунун стратегиясын иштеп чыгууну зарылдыгын түшүнүү жана аны ишке ашырууга Жер планетасынын ар бир жашоочусунун тиешеси бар экендигин жөнүндө түшүнүктү пайда кылуу болуп саналат. Бул проблемаларды социалдык –экономикалык, ресурстук, саясий жана экологиялык аспектиден баалоо принциптерин үйрөтөт. Студенттерде глобалдык проблемалардын теориялары боюнча билимдердин системасын түзот.	КК-14 КК-18
В.ДВ.2.1	Саясий география жана геосаясат (3 кредит, 90 саат)	Мамлекеттердин, аймактардын жана саясий бирикмелердин географиялык жайгашуусун жана чек араларын изилдейт мамлекет, чек ара, аймак, федерация, империя. Геосаясат:Мамлекеттердин географиялык жайгашуусу жана ресурстарын саясий максаттарда колдонуу. Дүйнөлүк күчтөрдүн жайылышы, чек аралар, аймактык стратегиялар, ресурстар жана конфликттер, картография, статистика, геосаясаттык теориялар, эл аралык мамилелерди, аймактык коопсуздукту жана стратегиялык чечимдерди түшүнүүгө жардам берет.	КК-18 КК-12
В.ДВ.3.1 **В.ДВ.3.2.**	Суу баланстарынын проблемасы, Гляциология. (2кредит, 60 саат)	Жер шарындагы гидрологиялык процесстердин мыйзам ченемдүүлүктөрүн, суу объектилеринин (мөңгүлөрдүн, жер алдындагы суулардын, дарыялардын, көлдөрдүн, суу сактагычтардын, саздардын, океандардын, деңиздердин) гидрологиялык өзгөчөлүктөрүн, аларды сарамжалдуу пайдаланууну жана коргоону үйрөнүшөт.	КК-10 КК-14 КК-12
В.ДВ.1.1.	Эл аралык туризм	Эл аралык туризм – бул адамдардын бир өлкөдөн башка өлкөгө саякаттоосуна байланыштуу процесстерди изилдеген предмет. Ал төмөнкү негизги багыттарды камтыйт: Эл аралык туризмдин	КК-14

	(3 кредит, 90 саат)	маңызы, түрлөрү жана өзгөчөлүктөрү. Чек аралык жана визалык талаптар Эл аралык туристтик уюмдар (мисалы, UNWTO). Туристтик рынок, инфратүзүм жана кызмат көрсөтүүлөр Туризмдин экономикага, маданиятка жана коомго тийгизген таасири Туризмдеги коопсуздук жана туруктуу өнүгүү принциптери.	
В.3.18.	Геоинформациялык системалар (3 кредит, 90 саат)	Географиялык маалыматтарды чогултуу, сактоо, талдоо жана картографиялык түрдө чагылдыруу процессин изилдейт. ГИС аймактык объекттерди картада моделдөө, мейкиндиктик байланыштарды аныктоо жана чечим кабыл алууда колдонулуучу маалыматтык системаларды камтыйт.	ИК-2 КК-10 ККК-3
Б.2.3.	Табият таануунун азыркы концепциясы (2 кредит, 60 саат)	Дисциплинанын кыскача мазмуну. Табигый илимий жана гуманитардык маданияттар; илимий метод; табият таануу тарыхы; азыркы табият таануунун панорамасы; өнүгүү тенденциялары; Жаратылышты сүрөттөөнүн корпускулалык жана үзгүлтүксүз түшүнүктөрү; табияттагы тартип жана тартипсиздик; хаос; заттын түзүлүшүнүн структуралык деңгээлдери; микро-макро жана мега-дүйнөлөр; мейкиндик, убакыт; салыштырмалуулук принциптери; симметрия принциптери; сактоо мыйзамдары; өз ара аракеттенүү; 33 кыска аралыкка аракет, алыскы аракет; мамлекет; аралыкта иш-аракет; мамлекет; суперпозиция, белгисиздик, толуктоочулук принциптери; табияттагы динамикалык жана статистикалык мыйзам ченемдүүлүктөр; макроскопиялык процесстерде энергиянын сакталуу закондорун; энтропияны жогорулатуу принциби; химиялык процесстер, заттардын реактивдүүлүгү; Жердин эволюциясы жана геосфералык кабыктардын өнүгүүсүнүн заманбап концепциялары; заттын түзүлүшүнүн биологиялык деңгээлинин өзгөчөлүктөрү; эволюция принциптери; тирүү системалардын көбөйүшү жана өнүгүшү; тирүү организмдердин көп түрдүүлүгү - биосферанын уюшулушунун жана туруктуулугунун негизи; генетика жана эволюция; адам: Физиология, ден соолук, эмоциялар, чыгармачылык, аткаруу; биоэтика, адам, биосфера жана космостук циклдер: ноосфера, убакыттын кайтарылбастыгы, жандуу жана жансыз жаратылыштагы өзүн өзү уюштуруу; универсалдуу эволюционизмдин принциптери; бирдиктуу маданиятка карай жол.	ИК-2 КК-10 КК-13
Б.3.12.	Мектеп географиясынын азыркы проблемалары	Сабактын кыскача мазмуну. Билим берүүнүн мектеп географиясы окутуунун программаларын, мамлекеттик стандарттардын мектеп программасын окутуунун жаны технологияларын колдонуу өзгөчөлүктөрүн, сингапур, 5 Е, кембридж технологиясын окуу, 12 жылдык билим берүү программасын, программадагы өзгөрүүлөр жөнүндө окутулат	КК-2 КК-6 КК-8

	(2 кредит, 60 саат).		
В.3.1.	Топонимика (2 кредит, 60 саат)	*Дисциплинанын кыскача мазмуну:* Жер-суу аттарынын келип чыгуу себептерине болгон кызыгуусун арттыруу, бош убактысын натыйжалуу пайдалануу үйрөтүү, аларда Мекенге болгон берилгендикти жана сүйүү сезимдерин калыптандыруу, айыл, кыштак жана шаарлардын, суулардын аттарынын келип чыгууга болгон сыйлоо көндүмдөрүн өркүндөтүү жана сезимдерин өстүрүү.	ИК-2 КК-10
П.1.1.	Адаптациялык практика (2 кредит, 60 саат)	Адаптациялык педагогикалык практика болочок биолог мугалиминин практикалык даярдыгынын системасынын алгачкы звеносу болуп эсептелет жана ал студенттин педагогикалык ишмердиктин бардык чөйрөсүн ар тараптуу өздөштүрүүгө багытталган.	1ЖИК 1-КК 2-КК 5-КК
П.1.2.	Кесиптик - базалык практика (5 кредит, 150 саат)	окуучулардын окуу жана тарбиялык ишмердигин билим берүүнүн заманбап технологияларын билүүнүн негизинде уюштуруу; чыгармачылык ойломду, кесиптик ишмердиктин жекече стилин жана ага изилдөөчү ыкманы калыптандыруу; Кесиптик базалык. Кесиптик базалык практиканын максаттары жана милдеттери: Практиканын жүрүшүндө педагогдун көп кырдуу ишмердиги өздөштүрүлөт жана болочок мугалимди практикалык жактан даярдоонун акыркы этабы болуп эсептелет. Аны өтөөгө педагогикалык практиканын мурунку түрлөрүн ийгиликтүү өтөгөн студенттерге гана уруксат берилет	1-ЖИК 1-КК 2-КК 5-КК 8-КК
П.1.3.	Педагогикалык - профилдик практика (5 кредит, 150 саат)	Окуучулардын окуу жана тарбиялык ишмердигин билим берүүнүн заманбап технологияларын билүүнүн негизинде уюштуруу; чыгармачылык ойломду, кесиптик ишмердиктин жекече стилин жана ага изилдөөчү ыкманы калыптандыруу; Кесиптик профилдик. Кесиптик базалык практиканын максаттары жана милдеттери: Практиканын жүрүшүндө педагогдун көп кырдуу ишмердиги өздөштүрүлөт жана болочок	1-ЖИК 1-КК 2-КК 5-КК 8-КК

		мугалимди практикалык жактан даярдоонун акыркы этабы болуп эсептелет. Аны өтөөгө педагогикалык практиканын мурунку түрлөрүн ийгиликтүү өтөгөн студенттерге гана уруксат берилет	
П.1.4.	Окуу практикасы (2 кредит, 60 саат)	Окуучулардын окуу жана тарбиялык ишмердигин билим берүүнүн заманбап технологияларын билүүнүн негизинде уюштуруу; чыгармачылык ойломду, кесиптик ишмердиктин жекече стилин жана ага изилдөөчү ыкманы калыптандыруу;	1-ЖИК 1-ККК 2-ККК
П.1.5.	Окуу талаа практика (2 кредит, 60 саат)	Талаа практикасы болочок мугалимдин жалпы кесиптик жана кесиптик компетенцияларын калыптандырууга багытталган. Окуу талаа практикасы студенттерге жаратылыштын табигый шарттарында же окуу-тажрыйба аянттарында изилденүүчү иштин мазмуну жана формалары менен таанышытырат; • студенттерге биологиялык жана географиялык процесстерди обьективдүү элестетүүсүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет; • студенттерди практикалык эксперименталдык иштердин негизинде теориялык эсептөөлөрдү текшерүү жана экологиялык, биологиялык, генетикалык милдеттерди чечүүчү усулдарын колдонуу аркылуу жыйналган коллекциялык материалдар менен таанышытырат; илимий адабияттарды издөөнүн жана талдоонун биологиялык, химиялык, географиялык көндүмдөрү калыптанат.	1-ЖИК 1-ККК 2-ККК
П.1.6.	Квалификациялык иш алдындагы практика (5 кредит, 150 саат)	Студенттин практикалык ишмердигинин процессинде педагогикалык билим жана билгичтиктеринин деңгээлинин калыптангандыгы боюнча өзүн-өзү диагностикалоону өткөрүү; балдарга билим берүүнүн жана аларды тарбиялоонун маселелери боюнча ата-энелер менен кызматташууну ишке ашыруу; болочок мугалимдердин педагогикалык билгичтиктерин, педагогикалык аң сезимин жана кесиби үчүн маанилүү болгон инсандык сапаттарын өнүктүрүү жана өркүндөтүү. Практиканы окуу планынын графигине ылайык бардык студенттер милдеттүү түрдө өткөрүшөт. Квалификациялык иш алдындагы практика квалификациялык иштин максатын жана практикалык материалдардын анализин көзөмөлдөйт. Практиканын кандай жүрүшүнө жараша бүтүрүүчү квалификациялык иштин сапаты аныкталат. Квалификациялык иш алдындагы практиканын	1-ЖИК 5-КК 8-КК

		материалдарынын негизги бөлүгү дипломдук иштин экинчи бөлүмүнө таандык. Башкача айтканда тажрыйба жүргүзүүнүн жана эксперименталдык иштердин жыйынтыгы калыптанат. Ошондуктан бүтүрүүчү кафедра студенттерди практикалык окууну өткөрүү үчүн дипломдук иштин проблемаларын чечүүгө жакын болгон белгилүү сферадагы мекемелерге жөнөтөт. Окуу жайдын макулдугу менен түзүлгөн окуу планында көрсөтүлгөн диплом алдындагы практиканын өткөрүү мөөнөтүнүн узактыгы жөнүндө алдын ала тааныштырып, студенттерге тапшырмалар берилет. Практиканын өтүлүшүн дипломдук иштин илимий жетекчиси көзөмөлдөйт. Ал практиканын максатын, милдеттерин аныктап, анын аткарылышын үйрөтөт. Практика өтүлүүчү жерде студенттин аткарган иштерин ошол мекемедеги жетекчи көзөмөлдөйт. Практиканттын китепчесинде диплом алдындагы практикага чыгуучу студенттер үчүн көрсөтмөлөр, документтердин үлгүлөрү, күндөлүк аткарган иштеринин жыйынтыгы жана изилдеген иштеринин отчету киргизилген.	